# ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИНДЕГИ

## ТААЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН НЕГИЗДЕРИ

**Бул китеп**

**Хизбут-Тахрир тарабынан басып чыгарылды**

**Биринчи басылышы**

1432х – 2011м

﴿ ٱقۡرَأۡ بِٱسۡمِ رَبِّكَ ٱلَّذِى خَلَقَ ۝ خَلَقَ
ٱلۡإِنسَٰنَ مِنۡ عَلَقٍ ۝ ٱقۡرَأۡ وَرَبُّكَ ٱلۡأَكۡرَمُ
۝ ٱلَّذِى عَلَّمَ بِٱلۡقَلَمِ ۝ عَلَّمَ ٱلۡإِنسَٰنَ
مَا لَمۡ يَعۡلَمۡ ﴾

***– «(Эй Мухаммад, бардык жан-затты) жараткан зат болгон Роббиңдин аты менен (баштап) оку! Ал адамды бир бөлөк эттен жараткан (зат). Оку! Сенин Роббиң (адамзатка) калемди (т.а. жазуу-катты) үйрөткөн өтө ырайымдуу зат. Ал зат адамга анын билбеген нерселерин үйрөттү».***

## Аят котормосунун мааниси

Куран аятынын араб тилиндеги тексти гана “Куран аяты” деп аталат. Ал эми ушул китеп ичиндеги *курсив* менен кыргыз тилинде берилген тексттер аяттардын которулган мааниси болуп эсептелет.

ﷺ - соллаллоху алайхи ва саллам
رضي الله عنه - розияллоху анху /анха
عليه السلام - алайхис-салам

# Мазмуну


**1. Кириш сөз** ........................................................ 7
**2. Халифалык мамлекетиндеги таалим саясаты** ............. 9
**3. Халифалык мамлекетиндеги таалимдин жалпы максаттары** ................................................... 11
**4. Сабак берүү усулу** .................................................. 12
**5. Сабак берүүнүн услубдары жана виситалары** ............ 16
**МЕКТЕПТЕГИ ТААЛИМ** ........................................... 20
**1. Мектептеги таалимден көздөлгөн максаттар** ............ 20
**2. Мектептеги таалимдин баскычтары** .......................... 20
**3. Мектеп чейректери** .................................................. 23
**4. Окуу сабактары** ....................................................... 25
4-1. Окуу сабактарынын негизи ................................... 25
4-2. Окуу сабактарынын түрлөрү ................................. 25
4-3. Үч баскычтуу мектептердеги окуу сабактарынын түрлөрү ........................................ 28
4-3-1. Араб тили ........................................................ 28
4-3-2. Исламий сакафат .............................................. 29
4-3-3. Илимдер, билимдер, тажрыйбалар ................. 32
**5. Окуу бөлүмдөрү** ........................................................ 32
**6. Мамлекеттик мектептер жана окуу чейректери системасы** ............................. 34
**7. Окуу сабактары жана баскычтары** ........................... 34
**8. Мамлекеттик мектептерде чейректен чейрекке өтүү жана өтө албастык** .................................................... 38

8-1. Биринчи (башталгыч) баскыч мектептеринде чейректен чейрекке өтүү же өтө албастык .............. 38
8-2. Экинчи (орто) баскыч мектептеринде чейректен чейрекке өтүү же өтө албастык .............. 39
8-3. Үчүнчү баскыч мектептеринле чейректен чейрекке өтүү же өтө албастык .......................... 39
**9. Мектеп баскычтарынын жалпы сынагы** .................. 40
**10. Окуу сааттары жана окуу сабактары** ....................... 40
**11. Мектеп таквими** .................................................... 40
**12. Кесиптик-техникалык окуу жайлары** ....................... 41
**ЖОГОРКУ ТААЛИМ** .................................................. 42
**1. Жогорку таалимден көздөлгөн максаттар** ................ 42
**2. Жогорку таалимдин түрлөрү** .................................... 44
**3. Жогорку таалим мекемелери** .................................... 44
3-1. Техникалык институттар ........................................ 44
3-2. Функционалдык институттар .................................. 45
3-3. Университеттер ....................................................... 46
3-4. Илимий-изилдөө борборлору .................................. 47
3-5. Аскердик окуу жайлары жана изилдөө борборлору 47
**4. Жогорку таалим күбөлүктөрү** .................................. 47
**Тиркеме** .......................................................................... 49
**Мектеп чейректерин окуучулардын жаш курагына карай бөлүштүрүү жадыбалы** ...................... 50

## 1. Кириш сөз

Ар бир үммөттүн сакафаты – анын жашап турушу жана сакталып калышынын негизги шарты болуп саналат. Себеби, үммөттүн дүйнө карашы ушул таалим үстүнө курулат, анын максаттары жана турмуш таризи да ушул сакафат негизинде белгиленет. Үммөт мүчөлөрү бир «казан»да ушул сакафат менен бышып жетилет. Натыйжада, үммөт башка үммөттөрдөн айырмаланып турган үммөткө айланат. Үммөт акыйдасы, ушул акыйдадан келип чыккан өкүмдөр, чечимдер, түзүмдөр, ушул акыйда негизиндеги илим жана маърифаттар, ушул акыйдага байланыштуу адиселер – булардын бардыгы ушул үммөттүн өмүр-таржымалы жана тарыхы катары мына ушул сакафатта камтылган. Бу сакафат жоголсо, анда үммөт да жок болот, анын максаты, турмуш таризи өзгөрүп кетет, дос-душманды таанымбай калат, өздүгүн жоготуп, башка үммөттөрдүн сакафаты артынан тентиреп жүрө турган болуп калат.

Исламий сакафат – бул Исламий акыйда негизинде изилдене турган билимдер топтому. Тавхид илими сыяктуу исламий акыйдага тиешелүү билимдер да, фикх, тафсир, хадис сыяктуу исламий акыйдага негизделген билимдер да, исламий акыйдадан келип чыккан, өкүмдөрдү түшүнүп алууда керектүү болгон, мисалы, Исламдагы ижтихад талап кыла турган араб тили, хадис истилахтары, усул илими сыяктуу билимдер да Исламий сакафатка кирет. Себеби, булардын баары исламий акыйда негизинде изилденилет. Ислам үммөтүнүн тарыхы да анын сакафатынын бир бөлүгү болуп саналат. Анткени, анда үммөттүн дүйнө карашы, таанымал кишилери, жетекчилери, колбашчылары жана уламалары жөнүндө сөз жүргүзүлөт. Арабдардын Исламдан мурунку тарыхы болсо исламий сакафатка кирбейт. Бир гана Исламдан мурунку араб поэзиясын ушул сакафатка киргизүүгө болот. Себеби, бул поэзияда араб тилинин сөздөрүн, сөз тутумдарын, сүйлөм курулуштарын түшүнүүгө, арийне, ижтихад кылууга, Куранды тафсир кылууга жана хадистерди түшүнүүгө жардам берүүчү факторлор бар.

Үммөт сакафаты үммөт мүчөлөрүнөн шахсияны пайда кылат. Анткени, ал шахстын аклиясын, нерселер, сөздөр жана иштерге баа берүү таризин калыптандырат. О.э. ал анын майил-

каалоолорун да калыптандырат. Демек, анын аклиятына, нафсиятына жана турмуш таризине таасир өткөрөт. Ушуга ылайык, үммөттүн сакафатын коргоо жана аны коомго кеңири жаюу мамлекеттин негизги милдеттеринен болуп саналат. Мурунку Советтер союзу өз перзенттерине коммунистик сакафатты сиңдирди. Өз дүйнө карашына капиталисттик же исламий сакафаттан бир да тамчы киргизбөөгө аракет кылды. Бүткүл Батыш болсо перзенттерин динди турмуштан ажыратуу үстүнө курулган капиталисттик дүйнө караш негизинде тарбиялап, турмуш таризин да ушул негизде калыптандырып, өз акыйдасы жана дүйнө карашына исламий дүйнө караштан бирер тамчы сызылып кирип калбашы үчүн согуштар уюштурду жана уюштурууда. Ислам мамлекети да өз перзенттерине исламий сакафатты сиңдирип, мамлекет ичинде исламий акыйдага негизделбеген пикирге даъват кылууну тыйып койду о.э. өз сакафатын даъват жана жихад аркылуу башка мамлекеттерге, үммөттөргө жайып келди жана жайып бара бермекчи.

Үммөт сакафатынын үммөт перзенттери жүрөгүнөн түнөк табышы, китептерде жазылып калышы о.э. үммөттүн өз акыйдасынан келип чыга турган өкүмдөр жана мыйзамдары негизинде иштерди башкара турган бир мамлекетке ээ болуусу – булардын баары сакафатты коргоонун эң маанилүү кепилдиктеринен болуп эсептелет.

Үммөт сакафатынын перзенттер жүрөгүнөн жана китеп барактарынан орун алышы – программа негизинде болобу же болбойбу, буга карабастан – таалим берүү менен ишке ашат. <u>Мамлекет кабыл алган белгилүү бир түзүм жана мыйзамдар менен башкарыла турган таалим программасы – программага негизделген таалим деп аталат. Анын аткарылышына мамлекет жоопкер болот.</u> Мисалы, окууга кабыл алуу жашын, окуу сабактарын, окутуу услубдарын (ыкмаларын) белгилөө мына ушул түзүм жана мыйзамдарга кирет. Белгилүү программага негизделбеген таалимде болсо мусулмандар үйлөрдө, мечиттерде, жыйындарда, массалык маалымат каражаттары жана басма сөз каражаттары аркылуу таалим ала алышат. Анда программа негизиндеги таалимдин мыйзам-эрежелерине моюн сунулбайт. Бирок, экөөндө тең пикирлер жана билимдердин исламий акайдадан келим чыгышын о.э. Исламий акыйда

негизинде болушун мамлекет көзөмөлдөп турат. Биз бул китепте Халифалык мамлекетиндеги таалим программасынын негиздери жөнүндө сөз кылабыз.

## 2. Халифалык мамлекетиндеги таалим саясаты

Халифалык мамлекетинде таалим түзүмү программага негизделген таалимге тиешелүү шаръий өкүмдөр жана идарий мыйзамдар топтомунан түзүлөт. Таалимге тиешелүү шаръий өкүмдөр акыйдадан келип чыгып, шаръий далилдерге ээ. Мисалы, предметтик сабактар жөнүндөгү о.э. окуучу уул-кыздарды ажыратып, башка-башка окутуу жөнүндөгү шарият мыйзамдары сыяктуу. Таалимдеги идарий мыйзамдар болсо, жооптуу жетекчи таалим түзүмүн аткарууда жана ушул түзүмдөн көздөлгөн максатты жүзөгө чыгарууда керектүү деп тапкан мубах услуб жана васиталардан (каражаттардан) түзүлөт. Алар таалимдин жана үммөттүн негизги керектөөлөрүнө тиешелүү шаръий өкүмдөргө дал келе тургандай көрүнүштө өркүндөтүлүшү жана өзгөртүлүшү мүмкүн. О.э. аларда башка үммөттөр жетишкен мубах тажрыйбалар, маалыматтар жана изилдөөлөрдөн пайдалууга болот.

Шаръий өкүмдөр жана идарий мыйзамдар топтомунан түзүлгөн бул түзүмдө бир башкаруу жихазы керек болот. Бул башкаруу жихазы Халифалык мамлекетиндеги таалимдин негизги максатын жүзөгө чыгарат. Кыскача айтканда, исламий шахсиятты тарбиялап өстүрөт. Бул жихаз таалимдин бардык тараптарын башкарууну, уюштурууну, көзөмөлдөөнү өз колуна алат. Окутуу усулдарын белгилейт, татыктуу мугалимдерди тандайт, окуучулардын билим деңгээлинин өсүшүнө баш-көз болот, мектеп, институт жана университеттерди керектүү лабораториялар жана окуу каражаттары менен камсыздайт. Төмөндө биз Исламий Мамлекеттин конституция долбоору болгон «Мукаддама ад-дустур»дан алынган «Таалим саясаты»на тиешелүү беренелердин кээ бирлерин келтиребиз:

**165-берене** – Таалим программасынын негизи исламий акыйда болушу керек. Бардык окуу сабактары жана окутуу усулдары ушул негизден четке чыгып кетпегендей көрүнүштө иштелип чыгат.

**166-берене** – Таалим саясаты – бул исламий аклия жана исламий нафсияны жүзөгө келтирүү дегени. Ошондуктан, окутула турган бардык сабактар ушул саясат негизинде иштелип чыгат.

**167-берене** – Таалимден көздөлгөн максат – исламий шахсиятты жүзөгө келтирүү жана адамдарды турмуш иштерине тиешелүү илимдер жана билимдер менен байытуу. Ушуга ылайык, таалим ушул максатты жүзөгө чыгарууга багыттандырылып, ага алып барбай турган ар кандай жолго тыюу салынат…

**169-берене** – Таалимде математика сыяктуу фандар менен сакафий билимдер ортосундагы айырма этибарга алынышы керек. Фандар керегинче үйрөтүлө берет, маалым бир баскыч менен чектелбейт. Сакафий билимдер болсо башталгыч баскычтарда Ислам пикирлери жана өкүмдөрүнө тескери болбогон белгилүү бир саясат негизинде алынат. Жогорку баскычка өткөндөн кийин, таалим саясаты жана максатынан четке чыкпоо шарты менен фан катары алына берет.

**170-берене** – Исламий сакафат таалимдин бардык баскычтарында болушу керек. Жогорку баскычка көтөрүлгөн соң, медицина, инженерлик, табият таануучулук сыяктуу тармактарга адистештирилгендей, исламий билимдерди да ар түрдүү тармактарга адистештирүү керек.

**171-берене** – Фан жана өнөр жайлар бир жактан соодагерлик, дыйканчылык, кеме куруучулук сыяктуу илимге тиешелүү болсо, экинчи жактан сүрөтчүлүк, айкелчилик сыяктуу өзгөчө көз караш менен таасирленген фан жана өнөр жайлар сакафатка тиешелүү болот. Илимге тиешелүүсү эч бир чектөөсүз же шартсыз кабыл алына берет. Сакафатка тиешелүүлөрү Ислам көз карашына тескери келген убакта кабыл алынбайт.

**172-берене** – Таалим программасы бирөө болот. Мамлекеттик программадан башкасына уруксат берилбейт. Эгер мамлекеттик программага баш ийип, таалим планы негизинде иш алып барып, таалим саясаты жана максатын жүзөгө чыгарса, анда үй мектептерине да тыюу салынбайт. Болгону, бул мектептерде уул-кыздар аралаш окутулбашы, эркек жана аял мугалимдер аралаш иштебеши о.э. бул мектептер бир

тайпа, дин, мазхаб, расага тиешелүү болуп калбашы шарт кылынат.

**173-берене** – Турмушта адам үчүн зарыл болгон таалимди башталгыч бачкычта да, кийинки баскычта да эркек жана аялга толугу менен берүү мамлекеттин милдети. Бул баскычтарда окутуу акысыз жүргүзүлөт. Жогорку таалим да мүмкүн болушунча жогору деңгээлде, бардыгы үчүн ыңгайлуу жана акысыз кылып берилет.

**174-берене** – Мамлекет фикх, усули фикх, хадис, тафсир, тафаккур, медицина, инженерлик, химия, ачылыштар жана ойлоп табуулар сыяктуу иштерге кызыгуучуларга ушул билимдер туурасындагы изилдөөлөрдү улантууларына мүмкүнчүлүк жаратып берүү үчүн мектептер жана жогорку окуу жайларынан башка жайларда да китепканалар, лабораториялар жана башка үйрөнүү каражаттарын даярдап берет. Анткени, үммөт арасында көп сандаган мужтахиддер, чыгармачыл жана ойлоп табарман адистер жетишип чыксын.

### 3. Халифалык мамлекетиндеги таалимдин жалпы максаттары

Таалимдин эки негизги максаты бар. Окуу программаларын түзүүдө жана окуу сабактарын белгилөөдө аларга баш ийүү керек. Алар төмөндөгүлөр:

1. Үммөт перзенттеринен исламий аклия жана нафсиядан турган исламий шахсияны пайда кылуу. Бул иш алардын дилдери жана акылдарына исламий дүйнө карашты акыйда катары да, тафаккур катары да, турмуш таризи катары да сиңдирүү аркылуу ишке ашат. Ушуга ылайык, Халифалык мамлекетинде таалим программаларын иштеп чыгуучулар жана иш жүзүндө колдонуучулар ушул максатты жүзөгө чыгарууга өч болушат.

2. Мусулман перзенттерин – ижтихад, фикх, казылык сыяктуу исламий илимдер тармагында болобу, же инженерия, химия, физика жана медицина сыяктуу эксперименталдык илимдер тармагында болобу – турмуштун бардык тармактарында адис аалымдар кылып жетиштирүү. Муну менен алар Ислам Мамлекети жана Үммөтүн колдоруна көтөрүп, мамлекеттер жана үммөттөр арасындагы эң жогору даражага алып чыгышсын.

Муну менен алардын мамлекети пикирлөөсү жана экономикасында кимгедир көз каранды же малай болбостон, жетекчи жана өз мабдасы менен таасир көрсөтүүчү мамлекетке айлансын.

## 4. Сабак берүү усулу

Сабак берүүнүн эң туура усулу: мугалим тарабынан пикирий кайрылуу, окуучу тарабынан болсо пикирий кабыл алуу. Анткени, үйрөтүү жана үйрөнүүнүн куралы – бул пикир жана акыл. Алла Таала адамга акыл берип, аны башка махлуктардан мукаррам жана абзел кылды. Акыл себептүү адам мукаллафтык макамына көтөрүлдү.

Акыл төрт бөлүктөн түзүлөт: пикирлөөгө жарактуу мээ, сезүү, вакый о.э. вакый жөнүндөгү мурунку маалымат. Акыл, пикир жана түшүнүктүн мааниси бир. Анын баяндамасы мындай: «Сезүү органдары менен вакыйлыкты мээге көчүрүү о.э. ушул вакыйды түшүндүрүп берүүчү мурунку маалыматтардан тургандыгы», кийин болсо вакый үстүнөн өкүм чыгаруу. Эгер бул пикирди, таалим тармагында болгондой, башкаларга өткөрүү көздөлсө, мугалим бул пикирди түшүндүрүүнүн бир же бир нече жолдору аркылуу, эң биринчи, тил аркылуу окуучуларга жеткирет. Эгер окуучуларда бул пикирдин сезилген вакыйсы болсо, же качандыр бир аларда ушундай же ушуга окшогон сезүү өткөн болсо, анда аны өздөрү жетишкен пикир катары кабыл кылып алышат. Эгер аларда пикирдин сезилген вакыйсы болбосо, же сезүү мүмкүн болбосо, бар болгону, баяндалган сөздөрдүн маанисин гана түшүнүп алган болушса, аны пикир катары эмес, балким маалымат катары гана кабыл кылып алышат. Муну менен алар пикирлөөчү эмес, үйрөнүүчү болуп калышат. Ушуга ылайык, мугалим окуучуларга пикирлерди берип жатканда, аларда сезилген вакыйдын дал өзүн же ошого окшошун жүзөгө келтирүүгө аракет кылып, бул пикирлердин маанилерин окуучуларга түшүндүрүүгө аракет кылышы керек. Муну менен алар бул пикирлерди маалыматтар катары эмес, пикирлер катары кабыл алышсын. Ошондуктан, мугалим окуучунун вакыйды сезүүсүнө өзгөчө көңүл бурушу керек. Эгер вакыйдын өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгү болбосо, ага жакын болгон бир элести берүүсү керек. Муну менен,

маалыматтар сезилген вакыйдын дал өзү менен, же окуучунун оюндагы вакый менен биригип, окуучуда пикирди жүзөгө келтирсин.

Мугалимдин окуучулага берип жаткан пикирлерине каралат:

- Эгер анын мурунтан окуучулар сезип жүргөн вакыйсы болсо, же айтылып жатканда сезишсе, демек, аны түшүнгөн жана пикир катары кабыл алган болушат;

- Эгер окуучулар мурун сезбеген болушса, пикир жеткирилип жаткан убакта да сезишпесе, бирок, өздөрүнө кандай жеткирилип жаткан болсо ошондой элестетип тастыктап жатса, натыйжада, куду өздөрү сезген сыңары бир вакыйды элестетишсе о.э. аны сезилген вакый катары элестете алышса, мындай абалда да аны түшүнгөн жана пикир катары кабыл алган болушат.

Ар эки абалда тең мугалимдин аларга берген пикири өздөрүнүн пикирлерине айланат. Бирок, эгер пикирдин сезилген вакыйы болбосо, же сезүүнүн мүмкүнчүлүгү болбосо, анда бул пикир кабыл алуучуга карата маалыматтан башка нерсе болбой калат.

Адам өзүнүн беш сезүү органынын бири менен сезиши мүмкүн болгон вакый – сезилген вакый. Вакыйдын маддий же маънавий болушунун айырмасы жок. Маддий вакыйга мисал келтирсек, мисалы, көрүү аркылуу жарыкты, угуу аркылуу чымчык үнүн, кармоо аркылуу кездеменин жагымдуулугун, жыттоо аркылуу гүлдүн жытын, татып көрүү аркылуу балдын даамын сезүүлөр ж.б. Маънавий вакыйга болсо эр жүрөктүүлүк, адалдык, коркоктук, кыянатчылык сыяктуу түшүнүктөр кирет. Адам аларды маддий көрүнүштөрүнө карап, пикир менен сезет. Мисалы, душмандын сан жана курал жагынан үстөм болушуна карабастан, мусулмандын согушта бекем туруп согушуусу эр жүрөктүүлүк экендиги, тескерисинче, согуштан качышы болсо коркоктук экендиги түшүнүлөт. Демек, маддий же маънавий болушуна карабастан, сезилген же сезүү мүмкүн болгон вакыйлык тафаккур жараянындагы негизги фактор болуп саналат. Ансыз пикир пикир болбойт.

Адам сезе албай турган бейиш, тозок, арш сыяктуу гоиб нерселер сезүү аркылуу тафаккур кылынбайт. Аларды тууралыгы катъий болгон кабарлар – Курани Карим жана

мутаватир хадис аркылуу гана тафаккур кылуу мүмкүн. Айрым адамдар бар деп ойлогон желмогуз жана жерди мүйүзүндө көтөрүп турган өгүз сыяктуу гоиб иштер менен алек болуу тафаккур делбейт. Себеби, аларды сезип да болбойт, алардын сезилгендиги катъий айтылбаган дагы. Алар кыялдагы жана ойлоп табылган нерселер. Ошондой болгон соң, окуучуларды алар жөнүндө пикирлөөдөн четтетүү керек.

Угуу же окуу аркылуу боло турган пикирий кайрылуу жана пикирий кабыл алуу учурунда мугалим же окуу программасынын автору тафаккурдун (пикирлөөнүн) төрт элементинен пайдаланышы шарт. Мугалим окуучуга жазма же оозеки түрдө кайрылганда, эгер окуучу мурда вакыйды сезбеген болсо, ага вакыйлыкты анык сүрөттөп бериши керек. Муну менен кабыл алуучу вакыйды өзү сезгендей болсун. Бул иш, окуучу вакыйлыкты элестете алышы үчүн, ошол вакый тууурасындагы бардык маалыматтарды келтирип берүү менен болот.

Окутуу же окууда пикирий кайрылуу же пикирий кабыл алуунун негизги куралы – сөз жана сүйлөмдөрдү, ушул сөз жана сүйлөмдөр далалат кыла турган маанилерди, бул маанилерден келип чыга турган пикирлерди өз ичине алган тил. Эгер мугалим да, окуучу да бул сөздөр, сүйлөмдөр жана маанилерди кандай пикирге далалат кылса ушундай түшүнүшсө, окутуу жана окуу учурунда бул курал абдан активдүү кызмат кылат. Ушуга ылайык, мугалим да, окуу программасынын автору да тил байлыгынан пайдаланып, окуучулар түшүнө турган сөздөр жана сүйлөмдөрдү иштетүүлөрү керек. Муну менен эки тарап ортосундагы өз ара пикир алмашуу оңой болот. Биз пикир алмашуудан тафаккурдун төрт элементин өз ичине алуусун назарда тутуп жатабыз.

Ушуну менен жазма же оозеки сүйлөмдөр окуучунун мээсинде (дал мугалимде болгонундай) пикирлерге айланып, өзүндөгү тил байлыгы менен аларды түшүндүрүшү, өзүндөгү адал-арам, туура-ката деген өлчөөлөр аркылуу алар менен мамилеге киришиши мүмкүн болот.

Ар кандай пикирди берүү же кабыл алуунун туура жолу мына ушул. Мында пикирдин мабда пикирлери сыяктуу турмуш туурасындагы өзгөчө көз карашына түздөн-түз байланыштуу болушу, же математика фандары сыяктуу түздөн-түз

байланыштуу болбошу мааниге ээ эмес. Эгер пикирлер биринчи түрдөн болсо т.а. алардын турмуш жөнүндөгү өзгөчө көз карашка түздөн-түз байланышы болсо б.а. адамдын өз Роббиси менен, өзү жана башкалар менен боло турган мамилесин тартипке салуучу пикирлерден болсо, аны исламий акыйда менен байлоо шарт. Бул учурда окуучунун пикирине кайрылуу менен бир катарда анын туйгусуна да кайрылуу о.э. окуучунун дүйнө жана акыреттеги турмушуна бул пикирдин байланыштуулугун түшүндүрүү зарыл болот. Мунун менен окуучу бул пикирдин тууралыгына канааттансын, ал пикир анын турмуш таризин башкарып турган түшүнүккө айлансын. Исламий акыйда белгилеп берген өзгөчө көз караштан келип чыккан туура пикирлерге карата анда сүйүү сезимдерин ойготсун. Канааттануу жана ишенич менен аларды жүзөгө чыгарууга аракет кылсын. Муну менен, бул түшүнүк турмуш жөнүндөгү көз карашына тескери болгон ката пикирлерге карата жек көрүү сезимдерин козгоп, аларды четке кагуу менен аларга каршы күрөшүүгө шаштырсын. Анткени, көз карашка байланыштуу пикирий матнды (текстти) үйрөтүүдөн максат, анын лугавий маниси менен эле чектелүү эмес, балким, сүйлөмдү түшүнүп алуу. Т.а. сүйлөмдү – ага байланыштуу болгон вакыйлыкка салып көрүү үчүн – түшүнүп алуу. Окуучу бул вакыйлыкка карата – амал кылуу же таштоо менен болобу, айырмасыз – шарият талап кылган позицияны ээлеши үчүн матнды вакыйлыкка салып көрүшү керек. Окуучуга мындай түрдөгү пикирлер анын турмуш таризи Ислам өкүмдөрү менен башкарылышы үчүн окутулат. Анткени, таалим мактаныч үчүн берилбейт, балким, өзүнүн ар бир иши жана сөзү менен Алланын ыраазылыгына жетишүүгө аакет кыла турган, аклиясы жана нафсиясы түгөл мусулман шахсты тарбиялап жетиштирүүгө кызмат кылат.

Эгер пикирлер экинчи түрдөн болсо т.а. физика, химия, математика сыяктуу өзгөчө көз карашка түздөн-түз байланышы болбогон пикирлерден болсо, алар Алла адамга моюн сундуруп берген аалам менен мамилеге киришүүгө окуучуну даярдоо үчүн үйрөтүлөт. Алла Таала айтат:

﴿ وَسَخَّرَ لَكُم مَّا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلۡأَرۡضِ جَمِيعٗا مِّنۡهُۚ ﴾

*– «Ал Өзү тарабынан силерге асмандар жана жердеги бардык нерселерди моюн сундурду».* [45:13]

Алла Таала дагы айтат:

﴿ وَسَخَّرَ لَكُمُ ٱلَّيۡلَ وَٱلنَّهَارَ وَٱلشَّمۡسَ وَٱلۡقَمَرَۖ وَٱلنُّجُومُ مُسَخَّرَٰتُۢ بِأَمۡرِهِۦٓۚ ﴾

*– «Ал зат силер (кемчиликсиз өмүр өткөрүүңөр үчүн) түн менен күндүздү, күн менен айды (бир тартипке салып) моюн сундуруп койду. (Бардык) саяра-планеталар да Анын буйругуна моюн сундурулган».* [16:12]

Демек, мусулман адам исламий шахс катары эксперименталдык илимдерди алардан пайдалануу үчүн, аларды Ислам үммөтүнүн пайдаларына жана тагдырий маселелерине кызмат кылдыруу үчүн үйрөнөт. Себеби, илим билүү үчүн гана алынбайт, балким, мына ушул турмушта адам үйрөнгөн билимдери жана пикирлеринен Ислам өкүмдөрү негизинде пайдалануу үчүн аалынат. Алла Таала айтат:

﴿ وَٱبۡتَغِ فِيمَآ ءَاتَىٰكَ ٱللَّهُ ٱلدَّارَ ٱلۡأٓخِرَةَۖ وَلَا تَنسَ نَصِيبَكَ مِنَ ٱلدُّنۡيَاۖ ﴾

*– «Дагы Алла сага берген байлык-дөөлөт менен (оболу) акырет (жыргалчылыгын) издегин жана дүйнөдөн болгон насибеңди да унутпагын».* [28:77]

## 5. Сабак берүү услубдары жана васиталары

Ар бир идеологияны турмушка ашырууда анын өзүнө тиешелүү жолу бар. Услуб болсо иш аткаруунун белгилүү бир абалы. Ал дайыма өзгөрүп турат. Таалим тармагында болсо, окуучулар пикирлерге, түшүнүктөр жана түрдүү билимдерге тезирээк жана ийгиликтүү жетишүүлөрүнө жардам берүүсү үчүн мугалим колдонгон бардык иш алып баруу багыттары – услуб деп аталат. Услубдардын түрлөрү көп, мугалим алардан таалим жараянына ылайык келе тургандарын тандап алышы мүмкүн. Демек, окутуучу максатка жетишүү үчүн окуучулардын деңгээлин эсепке алып, бул услубдардан эң абзелин тандап алат. Баарлашуу, талкуулашуу, баяндап берүү, проблемаларды чечүү, тажрыйба жүргүзүү, түздөн-түз практикалык машыгууларды өткөрүү – булардын баары иш услубдарына кирет. Көбүнчө услуб ишти аткарууда бир же бир нече васиталарга муктаж болот. Ыкмалар да, услубдар да шарттар,

адамдар жана мүмкүнчүлүктөргө карап өзгөрүп, өнүгүп турат. Ар бир идеологияны ишке ашырууда ал үчүн бир жолдун болушу шарт болгонундай, услуб жана воситалар да бул жолду тез жана ийгиликтүү аткарууда негизги ролду ойнойт. Ишти тез жана ийгиликтүү ишке ашыруу ушул ишти аткарууга ылайыктуу услуб жана воситаларды ойлоп табуу чеберчилигине таянат.

Мисалы, мугалим тарабынан пикирий кайрылуу, окуучу тарабынан болсо пикирий кабыл алуу болгон таалим өтмүштө калем, кагаз, оозеки сүйлөө, ээрчүү жана жазуу сыяктуу услуб жана воситалар менен ишке ашкан болсо, бүгүнгө келип бул услуб жана воситалар басып чыгарылган сүрөттөр, кинофильмдер, кассеталар жана лабораторияларда өткөрүлө турган тажрыйбалар менен алмашты. Окуучуларда аклий тарыйкатты (жолду) борборлоштуруу үчүн ылайыктуу болгон услубдардан пайдалануу мектептин милдети. Себеби, аклий тарыйкат – жаркын пикирлөө жана Ислам негизинде ойгонуунун негизи. Ушул аклий тарыйкат менен адамдагы эң чоң түйүн чечилет жана адам ушул тарыйкат менен аалам, адам жана турмуш жөнүндөгү, дүйнө турмушунан мурунку вужуд жана кийинки турмуш жөнүндөгү, аалам, адам жана тирүүлүктүн мурунку вужуд жана кийинки турмуш менен алакасы жөнүндөгү туура, кеңири пикирге ээ болот. Кийин ушул туура пикир аркылуу мамлекеттин да, үммөттүн да, Исламдагы түзүмдүн да негизи болгон исламий акыйдага жетип барат.

XIX кылымдан баштап Европа, Америка жана Россия илимий изденүү услубу өнөр жайда төңкөрүш жасап, укмуштуудай ийгиликке жетишти жана бул услубду «илимий метод» деп аташты. Бул жол эксперименталдык илимдер жаатында гана туура жана натыйжалуу жол болуп саналат. Анын жол деп аталышы да ката эмес. Себеби, ал изилдөө алып баруудагы белгилүү бир дайымий услуб. Болгону, аны аклий жолдун ордуна тафаккур үчүн негиз кылып алуу туура болбойт. Анткени, мындай кылуу Алла Тааланын барлыгын, Мухаммад ﷺдын пайгамбарлыгын билүү сыяктуу аклий жол менен жетишиле турган көптөгөн акыйкат жана билимдерди мавжуд эмес деп өкүм чыгарууга алып барып коёт. Демек, илимий жол туура жол, бирок, эксперимент аркылуу үйрөнүлө турган сезилүүчү материяларга гана тиешелүү жол. Башкача айтканда,

ал эксперимент өткөрүү аркылуу материянын көрүнүшү жана касиеттерин үйрөнүүгө гана жарайт. Аклий жол болсо өзүнүн төрт элементи менен биргеликте тафаккурдун негизи болуп кала берет. Анткени, ал физика сыяктуу сезилүүчү материяларды изилдөөдө да, ишеним, мыйзамчылык, тарых сыяктуу пикирлерди изилдөөдө да, адабият сыяктуу сөз талкуусунда да колдонула берет. Эгерде бир нерсенин бар экендиги тууралуу аклий натыйжа менен илимий натыйжа карама-каршы келип калса, аклий натыйжа кабыл алынат. Себеби, анын нерсени бар деп өкүм чыгарышы катъий.

Илимий жол болсо химия жана физика сыяктуу эксперимент аркылуу үйрөнүлө турган билимдерде гана колдонулат. Алла Таала адамга моюн сундуруп койгон аалам материяларынан жана алардын касиеттеринен Ислам өкүмдөрү алкагында пайдалануу максатында ушул материялардын көрүнүшү жана касиеттерин ачуу үчүн илимий жол ушул илимдерде колдонулат.

Айрым философтор, айрыкча, байыркы гректер «мантикий изденүү» услубун тафаккурга жол деп эсептешкен. Чындыгында, мантик (логика) тафаккурга жол болмок турсун, а түгүл илимий жол даражасына да көтөрүлө албайт. Ал өзүнүн «Натыйжага жетишүү үчүн бир пикирди экинчи пикир үстүнө куруу» деген аныктамасы этибары менен бар-жогу аклий жол услубдарынын бири болуп гана кала берет. Ошондо да, ал ката кетирүү, алдоо, адаштыруу касиеттерине ээ услуб. Кээде чындыктын тескерисине алып барып коёт. Ошондуктан, андан четтеп өтүү макулураак. Эгерде аны колдонуу зарыл болуп калса, натыйжасын аклий жолго моюн сундуруу керек.

Мектеп программасын түзүүчүлөр жана мугалимдер ар бир сабакты үйрөнүү үчүн услуб жана каражаттарды тандап жаткан убакта төмөндөгү пикирлерге баш ийүүлөрү керек:

1. Услуб жана васиталар дайымий болбойт. Ошондуктан, мугалим окуучуларга белгиленген пикирлерди түшүндүрүү үчүн алардын шарттарына жана алардын ортосундагы шахсий айырмачылыктарына көңүл бурган абалда эң натыйжалуу услуб жана васиталарды ойлоп табышы керек;

2. Сезүүлөр (хиссияттар: угуу, көрүү, тери менен сезүү, жыт билүү, даам татуу) – булар тафаккур элементтеринин негизгиси. Алар аркылуу вакыйды сезүү мээге көчөт. Ошондуктан, мугалим

окуучуларга таалим темасы (т.а. пикир жүргүзүү орду) болгон вакыйлыкты сезүүдө бул хиссияттардан мүмкүн болушунча көбүрөөк пайдаланууларына мүмкүнчүлүк бериши керек. Эгер вакыйлык таалим берүүдө окуучулар көз алдында мавжуд болсо, ошондой кылышы керек. Мавжуд болбосо, мугалим аларга ылайыктуу услуб жана васиталар аркылуу вакыйды элестетип берсин. Муну менен окуучулар аны кудум көрүп жаткандай элестете алышсын. Себеби, вакыйды сезүү тафаккурдагы негизги элемент эмеспи. Бир вакыйды сезүүдө сезүү органдары көп катышса, адам вакыйлыкты ушунчалык терең сезет жана вакыйлыкка, анын касиеттерине дагы да аныгыраак баа берет;

3. Окуучуларга кайрылууда жана программаларды түзүүдө алардагы тил байлыгына этибар берүү керек;

4. Адамдын, айрыкча алты жаштан он жашка чейин болгон окуучулардын, нерселер тафсилаттарын идирек кылуудан мурда алардын жалпы шекилдерин идирек кылуулары касиетин эсепке алуу керек.

Бул болсо төмөндөгүлөрдү талап кылат:

- Окуучуларга тамгаларды үйрөтүүдөн мурда, белгилүү бир мааниге ээ сөздөрдү үйрөтүү керек. Маалым бир сөздүн маалым бир вакыйга далалат кылышын түшүнгөндөн кийин, сөздү түзүүчү тамга жана муундар баяны башталат. Бул жараян т.а. үйрөнүлгөн тамгалардан жаңы сөздөр жасоо жараяны мурун үйрөнүлгөн сөздөрдөн жаңы сүйлөмдөр түзүү менен бирге алып барылат. Ушуну менен тил үйрөтүүнүн эки жолу т.а. сөз жасоо жолу менен сүйлөм түзүү жолу биригет;
- Нерселердин тутумдук бөлүктөрү менен назик касиеттерин үйрөтүүдөн мурда алардын тышкы жактарын үйрөтүү керек;
- Улуу адамдардын турмуш жолу жана кылган иштерин кеңири сүйлөп берүүдөн мурда алардын өмүр таржымалы менен кыскача таныштырып өтүү керек;
- Сүйлөмдөгү экинчи даражалуу тафсилаттарды баян кылуудан мурда жалпы маани жана негизги пикирлерди үйрөтүү керек.

# МЕКТЕПТЕГИ ТААЛИМ

## 1. Мектептеги таалимден көздөлгөн максаттар

Мектептеги таалимден негизинен үч максат көздөлөт, алар төмөндөгүлөр:

1. Аклиясы жана нафсиясы түгөл мусулман адамды тарбиялап өстүрүү. Бул иш мектептеги таалим баскычы аяташы менен аягына жетиши керек;

2. Окуучуга өз айланасындагы нерселерден, түрдүү жабдык-жарактар, ачылыштар, тармактардан пайдалана алышы үчүн, мисалы, электр аспаптары, электрондук аппараттар, айыл чарба шаймандары, өнөржай куралдары ж.б. пайдалана алышы үчүн зарыл болгон билимдерди берүү жана тажрыйба ашыруу;

3. Окуучуга алгачкы зарыл болгон билимдерди берүү менен аны жогорку окуу жайларына кирүүгө даярдоо. Алар араб тили, фикх, тафсир жана хадис сыяктуу сакафий билимдер болобу же математика, химия, физика сыяктуу так илимдер болобу, айырмасы жок.

## 2. Мектептеги таалимдин баскычтары

Таалимди баскычтарга бөлүүдө окуучулардын жаш бала экендиги же эресеге жеткендиги эсепке алынышы керек. Мында окуучу үчүн жоопкер киши, мугалим жана тарбиячынын жаш балдар жана эресеге жеткендер менен кандай мамиледе болушу туурасындагы шаръий далилдерге жана бул далилдер далалат кылган өкүмдөргө кайрылынат. Анткени, Исламда адамдын башкалар менен боло турган мамилесин тартипке салуучу ааламдар Роббиси тарабынан келген өзүнө хас өкүмдөр бар жана аларга амал кылуу буйрулган.

Бул темага тиешелүү далилдер көп. Алла Таала айтат:

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لِيَسۡتَـٔۡذِنكُمُ ٱلَّذِينَ مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُكُمۡ وَٱلَّذِينَ لَمۡ يَبۡلُغُواْ ٱلۡحُلُمَ مِنكُمۡ ثَلَٰثَ مَرَّٰتٖۚ ﴾

*– «Эй момундар, кол астыңардагы (кул жана күңүңөр) о.э. өзүңөрдүн балагатка жетпеген (балаңар) үч убакта (алдыңарга кирүү үчүн) силерден уруксат сурашсын».* [24:58]

﴿ وَإِذَا بَلَغَ ٱلۡأَطۡفَٰلُ مِنكُمُ ٱلۡحُلُمَ فَلۡيَسۡتَـٔۡذِنُواْ كَمَا ٱسۡتَـٔۡذَنَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡۚ ﴾

– *«Жаш балаңар балагатка жеткенде, алар да алардан мурда (балагатка жеткендер) сыяктуу уруксат сурашсын!»* [24:59]

Пайгамбар ﷺ айтат: **«Үч кишиден калем көтөрүлөт: акылын жоготкон жиндиден тээ өзүнө келгенине чейин, уйкудагы адамдан тээ ойгонгонго чейин, жаш баладан тээ балагатка жеткенине чейин».** Бул хадисти Абу Давуд рыбаят кылган. Пайгамбар ﷺ: **«Эй Асма, аял киши айыз көрүү жашына жеткенден кийин, анын мына бул жери жана мына бул жери гана көрүнүшү мүмкүн»,** деп кол учу менен жүзүнө ишара кылган. Бул хадисти да Абу Давуд өз «Сунан»ында рыбаят кылган. Атийя Курозий мындай дейт: «Курайза күнүндө Пайгамбар ﷺга туш кылындык. Ким балагатка жеткен болсо, өлтүрүлдү. Ким балагатка жетпеген болсо, коё берилди. Мен балагатка жетпегендерден болгонум үчүн коё берилдим». Муну Термизий өз «Сунан»ында рыбаят кылган. **«Пайгамбар ﷺдын Саъдды Бану Курайзага хакам кылып дайындаганында, ал алардын «эркектигин» ачып караганы»,** рыбаят кылынган. Усман ؓнун алдына уурулук кылган бир бала алып келинди. Ошондо ал киши: **«Эркектигине» карагыла»,** деди. **«Карашса, али балагатка жетпеген экен, колу кесилбеди».** Сахабалардан бирөөсү да муну инкар кылган жок. Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Балдарыңар жети жашка жеткенден кийин, аларды намазга буйругула. Он жашка жеткенде (окубаганы үчүн) ургула жана алардын жата турган жерлерин башка-башка кылгыла».** Бул хадисти имам Ахмад өз «Муснад»ында рыбаят кылган.

Бул далилдерден көрүнүп тургандай, эресеге т.а. балагат жашына жеткенден кийин, наристелик бүтөт. Ислам жаш балалык менен эресеге жеткендикти ажыратып берүүчү сезиле турган айырмаларды белгилеп койгон. Алар: эркектерде колтук астына түк чыгышы же ихтилам болушу (эрендик чыгышы), аялдарда болсо айыз көрүшү же боюна бала бүтүүгө даяр болушу. Далилдер түшүндүрүп тургандай, балагатка жеткендерден балагатка жете элегинде талап кылынбаган өкүмдөр талап кылынат.

Пайгамбар ﷺ айтат: **«Балдарыңар жети жашка толгондон кийин, аларды намазга буюргула. Он жашка жеткенде (намаз окубаганы үчүн) ургула».** Имам Азхмад өз «Муснад»ында рыбаят кылган бул хадис жаш балага адеп берүү эки баскычка бөлүнүшүнө далалат кылып жатат: <u>Биринчи баскыч баланын он жаштан мурунку абалы болуп, бул кезде адеп берүү үчүн алар урулбайт.</u> Себеби, али бул жашта намазга буюруу, бирок урбоо баса белгиленип жатат. Намазга урулбагандан кийин башкасы үчүн урулбашы өз-өзүнөн ачыкбелгилүү. Демек, бул убакта урулбастан, кызыктыруу жана эскертүү ыкмалары менен чектенилет. Экинчи баскыч <u>он жаштан балагатка жеткенине чейин, мында адеп берүү үчүн керек болуп калса урулат.</u> Балагатка жетпей туруп ага шаръий хаддар жана жазалар колдонулбайт. Себеби, Пайгамбар ﷺ: **«Үч кишиден калем көтөрүлгөн: жаш баладан балагатка жеткенине чейин, уйкудагы адамдан ойгонгонго чейин, жиндиден оңолгонго чейин»,** деген. Бул хадисти Абу Давуд рыбаят кылган. Андагы «калем көтөрүлгөн» деген сөздүн мааниси – милдет жүктөлбөгөн дегени. Жаш балдар балагатка жеткенден кийин, шаръан мукаллафка айланышат. Эгер бирер кылмыш же арам ишти кылып коюшса, казылыктын буйругу менен жазаланышат. Бул болсо балагатка жеткен окуучулар окуган мектептер жана жогорку окуу жайларында казылар болушун талап кылат.

Жаш бала жана балагатка жеткендердин өкүмдөрү мына ушул. Таалимди баскычтарга ажыратууда аларга баш ийүү керек. Себеби, тарбия жана адеп берүү таалимдин ажыралгыс бөлүгү. Демек, биринчи баскыч баланын мектепке киргенинен он жашка жеткенине чейин созулат. Экинчи баскыч он жаштан балагатка жеткенге чейин болот. Бул иш климаты мээлүүн мамлекеттерде көбүрчө он беш жаштарда жүз берет. Үчүнчү баскыч болсо баланын он беш жаштан мектепти бүтүргөнүнө чейин болот.

Ушул далилдер жана өкүмдөргө негизделип, Халифалык мамлекетиндеги мектеп таалими мектеп белгилеген окуу сабактарына карап эмес, окуучулардын жаштарына карай баскычтарга бөлүнөт. Демек, мектептер төмөнкү таблицада көрсөтүлгөндөй, үч баскычка ажыратылат:

| Мектеп | Жаш курагы |
|---|---|
| Биринчи баскыч мектеби (башталгыч) | Алты жашка толгондон он жашка толгонго чейин |
| Экинчи баскыч мектеби (орто) | Он жашка толгондон он төт жашка толгонго чейин |
| Үчүнчү баскыч мектеби (аяктоочу) | Он төрт жашка толгондон мектепти аяктаганга чейин |

Окуучу он жашка толгондон кийин, өздөштүргөн билим даражасы кандай болушуна карабастан, экинчи баскыч мектебине өткөрүлөт. Балагат жашына жеткенден кийин болсо, билим деңгээли жетиштүү же жетиштүү эместигине карабастан, үчүнчү баскыч мектебине (эресеге жеткендер мектебине) өткөрүлөт. Эми окуучуларды жаштарына карап мектептерге бөлүштүрүүгө тикеме катары, мамлекеттик мектептердеги таалим системасында амал кылына турган окуу чейректери түзүмүн баян кылабыз.

Алты жашка чейин болгон таалим (эне кучагы жана балдар бакчалары) адамдардын өздөрүнө коюп берилет. Кимде-ким ушул максатта менчик мектеп ачмакчы болсо, буга акысы бар. Бир гана бул таалимдин окуу сабактарын жана халифа тарабынан кабыл алынган таалим саясатына баш ийүү жактарын мамлекет көзөмөлдөп турат.

### 3. Мектеп чейректери

Мектеп баскычтары 36 чейректен турат. Ар бир чейректин мөөнөтү 83 күн. Ар бир чейрек үчүн белгилүү бир сабак сааттары белгиленет. Окуучу мектеп баскычтарын биринчи чейректен баштайт. Кайсы чейректен ийгиликтүү өтсө, кийинки чейрекке көтөрүлөт. Мектепти аяктаганга чейин т.а. 36 чейректен ийгиликтүү өткөнгө чейин ушундай болуп бара берет. Хижрий жыл теппе-тең төрт чейрекке бөлүнөт. Ар бир чейректин арасын үч күндүк дем алуу ажыратып турат.

**Төмөндөгү таблицада ар бир чейректин башталышы жана аягы о.э. аларды ажыратып туруучу дем алуу күндөрү көрсөтүлгөн:**

| Чейрек | Башталышы | Аякташы |
|---|---|---|
| Биринчи чейрек | 1-мухаррам | 25-рабиул-аввал |
| Дем алуу | 25-26-27 рабиул-аввал | |
| Экинчи чейрек | 28-рабиул-аввал | 22-жумадус-саний |
| Дем алуу | 22-23-24 жумадус-саний | |
| Үчүнчү чейрек | 25-жумадус-саний | 20-рамазан |

| | | |
|---|---|---|
| Дем алуу | 20-21-22-рамазан | |
| Төртүнчү чейрек | 23-рамазан | 27-зулхижжа |
| Дем алуу | Орозо айтында – 1-3-шаввал, Курман айтында – 8-15-зулхижжа күндөрү | |

Бала мектепке хижрий эсеп менен алты жашка толгондо кирет. Ушуга ылайык, мамлекеттик мектептер жылдын төрт чейрегинин ар биринде т.а. ар үч айда жаңы окуучуларды кабыл алат. Ошондо бала алты жашка толушу менен мүмкүн болушунча тезирээк мектепке кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Окуучу катары менен үч чейрек окугандан кийин бир чейрек дем алуу укугуна ээ болот. Дем албастан окууну улантышы да мүмкүн. Демек, түзүм тырышчаак балага – эс алуусуз окуй турган болсо – курбуларынан эртерээк мектепти аяктоо мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай мүмкүнчүлүк ага анын дем албастан же азыраак дем алып окугандыгын, сабактарды жакшы өздөштүрүп жаткандыгын жана чейректердеги ийгилигин күзөтүп баруу менен берилет. Сабак бериле турган мөөнөт бир жыл эмес, ал 83 күндөн турган мектеп чейреги. Ар бир мөөнөттүн өз программасы жана өз окуучулары болот.

Эгер окуучу эч бир эс алуусуз, бардык мектеп чейректеринен ийгилик менен өтсө, мектепти тогуз жылда (36:4=9) аякташы мүмкүн. Бул учурда ал эми он беш жашка толгон болот. Эгер 36 чейректи ар үч чейрек өткөндөн кийин, төртүнчү чейректе эс алуу менен ар чейректен ийгиликтүү өтүп окуса, мектепти 12-жылда (36:3=12) аяктайт. Бул учурда анын жашы 18де болот.

Айрым окуучуларга мектептин үч баскычын аякташы үчүн он сегиз жашынан кийин да дагы бир эки жыл керек болот. 20 жашка жеткенде да мектеп баскычтарынын жалпы сынактарынан өтө алышпаса, программа негизиндеги окуудан бошотулат. Алар каалашса, кесиптик-техникалык окуу жайларга киргизилет, каалашса жалпы сынактарды кайра тапшырышат. Сынактардан ийгиликтүү өтүшсө гана жокорку окуу жайларына кирүүлөрү мүмкүн болот.

Мектептин чейрек түзүмдөрү окуучулардын өзгөчө жөндөмдүүлүктөрү этибарга алуудан сырткары, илим алуу убактысынын маанилүүлүгүн да назардан качырбайт.

Китептин аягындагы тиркеме катары берилген таблицада 36 чейректин жаш куракка карай топторго бөлүштүрүлүшү о.э.

мектепти аяктаган убакта окуучулардын эң аз жашы канча, эң чоң жашы канча болушу көрсөтүлгөн.

Кичи айылдарда чейрек түзүмүн ишке ашыруу үчүн алардын ортосунда бир жалпы мектеп түзүлөт. Окуучулар мектепке баруу жана үйгө кайтуулары үчүн транспорт менен камсыздалышат.

### 4. Окуу сабактары

4-1. Окуу сабактарынын негизи.

Исламий акыйда – мусулман турмушунун негизи. Халифалык мамлекетинин негизи да ушул акыйда. Мамлекеттин түзүлүшүбү, жихаздарыбы, иштериби, башкаларыбы – бүт-бардыгына исламий акыйда негиз болушу шарт.

Ошондон келип чыгып, Халифалык мамлекетинде окуучуга бериле турган ар кандай таалимдин негизин исламий акыйда түзөт. Бул билимдер акыйда негизиндеги пикирлер жана шаръий өкүмдөр сыяктуу исламий акыйдадан келип чыгабы, тарых жана башка фандар сыяктуу исламий акыйдага негизделген болобу, айырмасы жок. Исламий акыйдага негизделген дешибиздин мааниси исламий акыйда ушул билимдерге өлчөө болушу. Эмне исламий акыйдага тескери болсо, мусулман аны кабыл албайт жана ага этикат кылбайт. Тескери болбосо, аны алышы жайиз болот. Этикатта да, амалда да мусулман өчөөсүнүн жалгыз негизи – исламий акыйда. Кабыл алуу жана четке кагуудагы өлчөө да ошол. Исламий акыйда жана андан келип чыга турган пикирлерге тескери болгон башка акыйдалар жана билимдерди үйрөнүүгө тоскоолдук кылынбайт. Болгону, мындай максат алардын туура эместигин көрсөтүп берүү о.э. аларга карата шаръий позицияны белгилөө болушу керек.

4-2. Окуу сабактарынын түрлөрү.

Окуу сабактары эки түрдүү болот:

Биринчи түргө химия, физика, астрономия, математика жана башка так илимдерден турган <u>илимий билимдер</u> кирет. Бул билимдер тафаккурду байытуу үчүн зарыл, адам ушул билимдер жардамында сөздөр, иштер жана нерселердин көрүнүшү, касиеттери жана адамдын табиятына туура келиши же келбеши тууралсында тыянак чыгара алат. Бул билимдердин исламий шахсиятты пайда кылууга түздөн-түз алакасы жок. Бул

билимдер мусулман адамды тарбиялап чоңойтууга түздөн-түз алакадар эмес.

Экинчи түргө болсо сөздөр, иштер жана нерселер үстүнөн важып, мандуб, мубах, макрух, арам сыяктуу таклифий шаръий өкүм чыгарууну, же сабаб, шарт, маниъ, уруксат, азимат, сахих, батыл, фасид сыяктуу вазъий шаръий өкүм чыгарууну үйрөтө турган шаръий билимдер кирет. Бул билимдер исламий аклияны пайда кылат. Эгер бул шаръий өкүмдөргө мусулмандын өз гарыйзалары жана узвий кажаттарын кандырышы проссецинде нерселер, иштер жана кептерге карата майил болуу же болбоо, кабыл алуу же албоо сыяктуу шаръий позицияны ээлөө максатын да кошо турган болсок, исламий нафсия жүзөгө келет. Исламий аклия жана исламий нафсиядан болсо өз пикирлери жана майилдерине исламий акыйданы негиз кылып ала турган исламий шахсия пайда болот.

Ислам мусулмандан аалам, адам жана тирүүлүктүн жаратылышы туурасында пикир жүргүзүүнү талап кылганындай, өзүнүн тыянактары, иштери жана майилдеринде шаръий өкүмдөргө амал кылууну талап кылат. Алла Таала тафаккурга буюруп:

﴿ وَيَتَفَكَّرُونَ فِي خَلْقِ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ ﴾

*– «Асмандар жана жердин жаратылышы жөнүндө пикирлешет»,* [3:191]

﴿ أَفَلَا يَنظُرُونَ إِلَى ٱلْإِبِلِ كَيْفَ خُلِقَتْ ﴾

*– «Акыры алар төөнүн кандай жаратылганына (ибрат-өрнөк назары менен) карашпайбы?»,* [88:17]

﴿ كَذَٰلِكَ يُحْيِ ٱللَّهُ ٱلْمَوْتَىٰ وَيُرِيكُمْ ءَايَٰتِهِۦ لَعَلَّكُمْ تَعْقِلُونَ ﴾

*– «Алла өлүктөрдү ушундай жол менен тирилтет жана силерге пикир жүргүзүшүңөр үчүн өз аят-белгилерин көрсөтөт».* [2:73]

Алла Таала амалга буюруп айтат:

﴿ فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا۟ فِىٓ أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِّمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا۟ تَسْلِيمًا ﴾

*– «Жок, (Эй Мухаммад), Роббиңе ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүмдар*

*кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча эч качан момун боло алышпайт»,* [4:65]

﴿ وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ ﴾

*– «Пайгамбар өзү силерге тартуу эткен нерсени алгыла, ал зат силерди кайтарган нерседен кайткыла»,* [59:7]

﴿ لَا تَتَّخِذُوٓاْ ءَابَآءَكُمۡ وَإِخۡوَٰنَكُمۡ أَوۡلِيَآءَ إِنِ ٱسۡتَحَبُّواْ ٱلۡكُفۡرَ عَلَى ٱلۡإِيمَٰنِۚ ﴾

*– «Эгер ыймандан капырлыкты абзел көрүшсө, ата-энеңерди жана ага-иниңерди (да) дос тутпагыла!»,* [9:23]

﴿ وَقُلِ ٱعۡمَلُواْ فَسَيَرَى ٱللَّهُ عَمَلَكُمۡ وَرَسُولُهُۥ وَٱلۡمُؤۡمِنُونَۖ وَسَتُرَدُّونَ إِلَىٰ عَٰلِمِ ٱلۡغَيۡبِ وَٱلشَّهَٰدَةِ فَيُنَبِّئُكُم بِمَا كُنتُمۡ تَعۡمَلُونَ ﴾

*– «Айткын: «(Каалаган) ишти кылгыла. Анткени, Алла, Анын Пайгамбары жана момундар кылган иш-амалдарыңарды көрүп турат жана жакында көмүскө жана көрүнөөнү билүүчү Затка кайтарыласыңар. Анан Ал зат силерге кылып өткөн амалдарыңардын кабарын берет».* [9:105]

Мектеп усули фикх, тил жана тафсир илимдери боюнча мумтаз исламий шахсияларды тарбиялап жетиштиргендей, ядролук физика, космонавтика жана компьютердик технология илимдери боюнча да мумтаз исламий шахсияларды тарбиялап жетиштириши керек. Анткени саясат, бийлик, жихад бабында Абу Бакр, Холид, Салахиддин сыяктуу чебер командачыларды жетиштирип берген Ислам үммөтү фикх жана илим бабында Шафиъий, Бухарий, Хоразмий, ибн Хайсам сыяктуу жетик аалымдарды да тарбиялап өстүргөн. Мектептеги кайсы илим болбосун, аны үйрөтүүдөн максат окуучуну исламий шахсия кылып жетиштирүү о.э. аны амалий турмушка жана жогорку таалимге даярдоо. Муну менен керектүү даражада мумтаз шахсиялар жетишип чыгып, Ислам үммөтүнүн пикирий жана илимий деңгээли көтөрүлсүн, ал дүйнөнү башкарууга жарактуу болсун, бардык адамдарды куфр зулматтарынан Ислам нуруна, токума мыйзамдар зулумунан шаръий өкүмдөр адилеттүүлүгүнө алып чыксын, Алла Тааланын:

﴿ وَٱبۡتَغِ فِيمَآ ءَاتَىٰكَ ٱللَّهُ ٱلدَّارَ ٱلۡأٓخِرَةَۖ وَلَا تَنسَ نَصِيبَكَ مِنَ ٱلدُّنۡيَاۖ ﴾

*– «Дагы Алла сага берген байлык-дөөлөт менен (оболу) акырет (жыргалчылыгын) издегин жана дүйнөдөн болгон насибеңди да унутпагын»,* [28:77]

деген аятына амал кылып, асман-жердеги бардык нерселерди Алла ыраазы боло турган түрдө адамдын пайдасына, анын жыргалчылыгына кызмат кылдырсын.

4-3. Үч баскычтуу мектептердеги окуу сабактарынын түрлөрү:

1. Араб тили: окуу, жазуу, нахв (синтаксис), сарф (морфология), балагат илими (риторика), адабият, лугат (лексика) ж.б.;

2. Исламий сакафат: Курани Карим, акыйда, фикх, сүннөт, тафсир, сийрат, фикхус-сийрат, Ислам тарыхы, даъват пикирлери ж.б.;

3. Так илимдер, билимдер, тажрыйбалар: математика, физика, химия, компютердик технология, айыл чарба, өнөр жай, соода, аскердик машыгуу жана башкалар.

4-3-1. Араб тили.

Араб тилин үйрөнүү ар бир мусулманга шаръан важып. Себеби, ал Ислам жана Куран тили. Ал Куран мужизалыгынын ажыралгыс бөлүгү. Курандын Куран болушу аны менен. Биз ушул тилде ибадат кылабыз. Ансыз ижтихад да кылып болбойт. Себеби, шаръий хужжаттар Алла тарабынан ушул тилде келген. Ушуга ылайык, Халифалык мамлекетинин тили бир гана араб тили болушу фарз. Халифалык мамлекетинде таалим тили да бир гана араб тили болушу керек. Аны үйрөнүүнүн важыптыгы «Важып эмне менен ишке ашса, ошол иш да важып», деген шаръий эрежеден алынган. Ошондой болгон соң, мектептерде жана жогорку окуу жайларында араб тилин тыкан үйрөнүүгө этибар берүү важып. Анткени, ал так илимдерди же сакафий билимдерди үйрөнүү булагы. Аны тыкан үйрөнүү үчүн жемиштүү услубдар жана ылайыктуу васиталарды колдонуу керек. Муну менен ал мамлекеттин бардык жарандары үчүн мамиле тилине жана пикир булагына айлансын.

Араб тилин үйрөтүүдөн максат, окуучуда ушул тилде сүйлөө, жазуу, түшүнүү жана түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүн, кийин болсо анын көркөм тилинен ырахат алууну пайда кылуу. Себеби,

көркөм тилинен ырахат алуу шаръий жана адабий матндарды түшүнүүгө көмөктөшүшү менен бирге, окуучуда ушул тил жөнүндө көбүрөөк билимге ээ болууга кызыгуу ойготот жана ушуну менен Куран жана сүннөттү түшүнүшүнө жардам берет.

Башка тилдерди үйрөнүү болсо фарзи кифая. Бул максатты жүзөгө чыгаруудагы котормочулук, чет тилдери институттарын ачуу сыяктуу иштер мамлекеттин милдети. Булар үммөт иштерин башкаруу жана даъватты жаюу үчүн зарыл болот.

4-3-2. Исламий сакафат.

а) Исламий <u>акыйда:</u>

Исламий акыйданы үйрөтүүдө бүткүл этибар акыйданын негизги пикирлерине т.а. акыйда же өкүмдөргө тиешелүү бардык исламий пикирлер келип чыга турган негизги пикирлерге каратылат. Исламий акыйда Аллага, периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, акырет күнүнө, каза жана кадардын жакшысы да, жаманы да Алла Тааладан экендигине ыйман келтирүү.

Акыйдага тиешелүү пикирлер окуучунун жашына карай даражама-даража берип барылат. Биринчи окуучунун этибары өзүн курчап турган Алланын ажайып махлукаттарына каратылат. Анын кирсиз акылы бул чеберчилик жөнүндө тафаккур кылууга тартат. Ушуну менен ал бардык нерсени башкарып турган Жаратуучунун бар экендигин таап алат. Алла адамга моюн сундуруп берген неъматтар тууралуу пикир жүргүзүп, алардан көздөлгөн максат, таат-ибадат менен Аллага шүгүр келтирип, мактоо айтуу экенин түшүнөт. Кийинки баскычтарда акыйда пикирлерине тиешелүү катъий хужжаттар, бул хужжаттардын аклийси да, наклийси да баяндалып барылат. Т.а. Алланын бар экендиги, Мухаммад ﷺдын Пайгамбарлыгы, Курандын Алла тарабынан түшүрүлгөндүгүнө тиешелүү аклий хужжаттар жана периштелердин бар экендиги, кыямат күнүнүн акыйкат экендигине тиешелүү наклий хужжаттар баяндалат. Кийин этибар каза жана кадар акыйдасына тиешелүү пикирге жана бул акыйдага ыйман келтирүү мусулмандын амалдарына, мисалы, иштердин сабабдарына киришүү сыяктуу амалдарына таасир этишине каратылат. Кийин Аллага тобокел кылуу, ажал жана ырыскы Алланын колунда экендиги сыяктуу акыйдага тиешелүү башка пикирлер түшүндүрүлөт.

б) <u>Курани Карим жана анын илимдери:</u>

• <u>Жаттоо жана тилават кылуу:</u> Мектеп балагат жашынан мурунку убакытты канимет билип, окуучуларга мүмкүн болушунча Куран жаттатышы керек. Айрыкча, жаттоо жөндөмү күчтүү болгон окуучуларды мектептин Куран жаттатуу бөлүмүнө өткөрүү максатка ылайык болот. Ошол эле чурда, Курандын тажвид менен тилават кылынышы үчүн да өзүнчө машыгуулар өткөрүлүшү керек.

• <u>Тафсир:</u> Окуучуларга аста-секин Курандын маанилери түшүндүрүп барылат. Биринчи жалпы маанини айтуу, түшүнүлүшү оор сөздөрдү чечмелөө, намаз жана даарат сыяктуу окуучулар үчүн зарыл болгон өкүмдөрдү ушул өкүмдөргө далалат кылуучу аяттар менен байлап түшүндүрүүлөргө чектелинет. Кийинки баскычтарда болсо тафсирге жана ал өз ичине алган акыйдаларга, шаръий амалий өкүмдөргө, сабаби нузул жана насхтарга өтүлөт.

в) <u>Суннати Набавийя:</u>

Окуучулар мектепке киргенден тартып суннати Набавийя окутулат. Мында жаттатуу жана түшүндүрүү услубу колдонулат. Башында жаш баланын зээни көтөрө ала турган, жатталышы жана түшүнүшү жеңил болгон **«Ислам беш негизге курулган...», «Мусулман мусулмандын боордошу...»** сыяктуу хадистер тандап алынат. Кийин окуучуга аста-секин хадистер жаттатып барылат о.э. бул хадистер жана алар эмнеге байланыштуу айтылгандыгы түшүндүрүп берилет. Бул үчүн окуучунун жашына ылайыктуу шаръий өкүмдөргө тиешелүү хадистер тандалат. Жети жашар окуучуга Пайгамбар ﷺдын: **«Балдарыңарды жети жашта намазга буюргула...»** хадиси жаттатылса, балагатка жеткен окуучуга: **«Калем үч кишиден көтөрүлгөн: жаш баладан балагатка жеткенге чейин...»** о.э. **«Эй Асма, аял киши айыз көрүү жашына жеткенден кийин...»** хадистери жаттатылат. Башталгыч мектеп баскычтарында окуучуларга суннати Набавийяны үйрөтүү хадистер эмнеге байланыштуу айтылгандыгына байланып о.э. алардан чыгарып алынган шаръий өкүмдөргө байланып түшүндүрүлөт.

г) <u>Фикх:</u>

Фикх Куран жана сүннөттөн алынган шаръий хужжаттар негизинде үйрөтүлөт. Окуучунун жашына карай ага зарыл болгон шаръий өкүмдөр окутулат. Себеби, фикхтин мааниси

«тафсилий далилдерден чыгарып алынган шаръий-амалий өкүмдөрдү билүү» дегени. Жаш балдарга намаз, орозо, ата-эне жана башка адамдар менен мамиле кылуу адептери сыяктуу өкүмдөр окутулса, балагатка жеткен окуучуларга алар үчүн зарыл болгон гусул, жунуб, хайз, нифас өкүмдөрү үйрөтүлөт. Ахлак, садакат, адалдык, хакты айтууга батынуу сыяктуу сыпаттарга тиешелүү өкүмдөргө да өзгөчө этибар берилет. Кийин жихад жана анын өкүмдөрү, амирлик жана анын өкүмдөрү сыяктуу фикх жалпы түрдө үйрөтүүгө өтүлөт. Ушуну менен бирге, «Зыян кылуу жана зыянга зыян менен жооп берүү жок», «Күмөн туулганда хаддар колдонулбайт» жана «Важып эмне менен ишке ашса, ошол нерсе да важып» сыяктуу кээ бир коидалар да окутулат.

д) Сийрати Набавийя:

Бала мектепке киргенден баштап сийрати Набавийя окутулат жана аны окутуу акырындык менен кеңейип барат. Мектептин биринчи чейрегинде Пайгамбар ﷺдын бүткүл жашоосу – төрөлгөнүнөн дүйнөдөн кайтканына чейин кыскача үйрөтүлөт. Бул билим окуучунун жашына карай кайрадан тереңдештирилип барылат. Сийрати Набавийянын назик чекиттери, фикхке тиешелүү орундары, андан чыгарып алынган өкүмдөр окуучу мектептин үч баскычын аяктаганга чейин толук окутулушу керек. Анын даъватты көтөрүп чыгуу, мамлекет тикелөө жана Исламды жаюу туурасындагы өкүмдөрүнө өзгөчө этибар каратылат.

е) Мусулмандар тарыхы:

Сийрат жана фикхде болгонундай, мында да окуучунун жашына этибар берилет. Сахабалар, табиундар жана алардан кийинки акимдер жана аалымдар сыяктуу исламий шахсиялардын улуу позицияларын окутууга өзгөчө көңүл бурулат. Абу Бакр رضي الله عنهнун Пайгамбар ﷺды коргогондугу жана муртаддар согушундагы карманган орду, Умар رضي الله عنهнун хижратка карата туткан орду, Усман رضي الله عنهнун жоомарттыгы, Алий رضي الله عنهнун эрдиктери, Билал رضي الله عنهнун сабырдуулугу, Умар ибн Абдул-Азиздин адилеттүүлүгү, Муътасим Биллахтын эрдиги, Салахиддиндин согуштары, Султан Абдул-Хамид IIнин Палестинаны сактап калуудагы орду, казы Шурайхтын адилеттүүлүгү, Шафиъийдин вакихтиги, Ахмад ибн Ханбалдын кайраты, Холид ибн Валиддин

итааты сыяктуу мисалдар аркылуу окуучулардын аң-сезимине турмуш жөнүндөгү исламий түшүнүктөр сиңдирип барылат.

Башка үммөт жана калктардын тарыхы болсо мектептин үчүнчү баскычында ибрат жана насаат үчүн үйрөтүлөт. Жогорку окуу жайларынын айрым факультеттеринде да алар менен мамиле кылуу о.э. исламий даъватты жаюу максатында алардын тафаккурлары менен таанышуу үчүн окутулат.

4-3-3. Илимдер, билимдер, тажрыйбалар.

Бул билимдер турмуш жөнүндөгү көз карашка түздөн-түз байланыштуу болбойт, алар исламий акыйдадан келип чыкпайт, балким, акыйдага негизделген болот. Окуучуну амалий турмуш майданына кадам коюуга даярдоо үчүн зарыл болгон билим жана тажрыйбалар ушул билимдер катарына кирет. Эң биринчи окуучуларга өздөрү жашап жаткан чөйрө менен мамиле жүргүзө алуулары үчүн эсеп-китеп жана адамдар турмушта иштете турган жабдык-жарактар жөнүндөгү жалпы билимдер сыяктуу зарылдык илимдери үйрөтүлөт. Электр жабдыктары, электрондук аппаратуралар, үй эмеректери, жол эрежелери ж.б. мына ушул билимдер катарына кирет. Бул билимдерди берүүдө окуучулар жашап жаткан жай жана чөйрө эсепке алынат т.а. бул жерде өнөржай өнүкпөгөнбү же айыл чарбачылыгыбы, же болбосо соодабы, бул жер тоолуу аймакпы же тегиздикпи, же болбосо, деңиз жээгинде жайгашканбы, жылуубу же суукпу – ушул нерселер эсепке алынат. Бул билимдерди он жашка чейин берүүдөн көздөлгөн максат, окуучуларда өз айланасындагы нерселерди өздөрүнүн жаштары жана муктаждыктарына карай иштете алуу жана алардан пайдалануу тажрыйбасын пайда кылуу.

Он жаштан кийин болсо математика, физика, химия, биология о.э. сүзүү, секирүү, мергенчилик сыяктуу дене-тарбия сабактары үйрөтүлөт. Балагат жашына жеткенден кийин армия көзөмөлү астында аскердик машыгуулар да өткөрүлөт.

## 5. Окуу бөлүмдөрү

Мектепте окутула турган ар бир сабак окуу бөлүмдөрүнө бөлүнөт. Ар бир бөлүм сабактын белгилүү бир бөлүгүн өз ичине алып, аны узагы менен 83 күндө т.а. бир чейректе окутуу мүмкүн болот. Ар бир сабактын адистери мектептин ар бир баскычы жана ар бир чейрегинде канча сабак өтүлүшү

керектигин белгилеп берет. О.э. алар окуучулардын жашы жана жөндөмүнө карай сабакты бөлүмдөргө ажыратып да беришет. Окуу бөлүмдөрү даражама-даража тартиптелип, бүткүл сабак мектептин үч баскычында тең жете турган кылып бөлүштүрүлөт. Бул тартип математика сыяктуу так илимдерде болгондой жөнөкөйдөн татаалга карай барышы да, сийрати Набавийя жана Ислам тарыхы сабактарында болгондой жалпылыктан тасфилаттарга карай өтүлүшү да мүмкүн. Мисалы, математикада бул бөлүмдөр саноодон башталып, кошуу жана кемитүү амалдарына, кийин көбөйтүү жана бөлүүлөргө, кийин бөлчөк сандарга, теңдемелерге карай бериле берет. Башталгыч баскычтарда окуучу интеграл жана дифференциал эсептөө о.э. жогорту математика негиздери менен да тааныштырып өтүлөт. Ошентип, математика мектеп баскычында окутулушу белгиленген программа негизинде толук өтүлөт. Белгилүү бир окуу сабагы үчүн программа түзүүчүлөр сабактын окуучу жашына туура келишин эсепке алуулары керек. Окутулушу назарда тутулган сабакты бардык баскычта ашыгы менен 36 бөлүккө бөлүүлөрү керек. Ар бир бөлүм программалары бир китеп кылынып, ага окутула турган мектеп чейрегинин номери берилиши керек. Физика жана ага окшош илимдер сыяктуу кийинки чейректерден баштап окутула турган сабактардын окуу бөлүмдөрү отуз алтыдан аз болушу да мүмкүн. Мисалы, илимий бөлүмдөгү химия сабагы он эки окуу бөлүмдөн түзүлүп, окуучу аны жыйырма бешинчи чейректен отуз алтынчы чейрекке чейин үйрөнүшү мүмкүн. Жалпы билимдер сабагы да он эки окуу бөлүмүнөн түзүлүп, окуучу аларды он үчүнчү чейректен жыйырма төртүнчү чейрекке чейин окуп бүтүрүшү мүмкүн.

Китепте окутула турган чейректин номери да, бөлүмдүн номери да көрсөтүп коюлат. Мисалы окуучу жыйырма бешинчи чейректе математиканын жыйырма бешинчи бөлүмүн окуй турган болсо, китепке 25/25 саны, эрежелердин он үчүнчү бөлүмүн окуй турган болсо, китепке 13/25 саны, жалпы бөлүмдөрдүн он экинчи бөлүмүн окуй турган болсо, 12/25 саны, балагат илиминин алтынчы бөлүмүн окуй турган болсо, 6/25 саны коюлат ж.б.у.с.

### 6. Мамлекеттик мектептер жана окуу чейректери системасы

Окуучулардын жаштарына карай мамиле кылуу жагынан таалим-тарбияга тиешелүү шаръий өкүмдөргө амал кылуу үчүн мамлекеттеги мектептерди окуу чейректери негизинде эмес, окуучулардын жаштарына карай бөлүштүрүү керек болот. Ушуга ылайык, мектептер жаш куракка тиешелүү топторго карай төмөндөгү таблицадагыдай үч түргө бөлүнөт.

| Баскыч | Жаш курагы | Мектеп чейректери |
|---|---|---|
| Биринчи (башталгыч) | Алты жаштан он жашка чейин | 1-16 |
| Экинчи (орто) | Он жаштан он төрт жашка чейин | 13-32 |
| Үчүнчү (бүтүрүүчү) | Он төрт жаштан мектепти аяктаганга чейин | 25-36 |

Мектеп белгиленген чейректер менен гана чектелбейт. Ал мурунку баскыч мектептери менен да, кийинки баскыч мектептери менен да бир нече чейректерде ортоктош болуп кете берет. Мисалы, биринчи баскыч мектеби он жаштан төмөндөгү балдарды окутууга ылайыкташкан. Жөнөкөй окуучу он жашка жеткенде 12 мектеп чейрегин аяктайт (жылына үч чейректен 4х3=12), тырышчаак окуучу болсо бул учурда 16 чейректи аяктайт (жылына төрт чейректен окуганда 4х4=16). Ушуга ылайык, биринчи жана экинчи баскыч мекептери он үч жаштан он алты жашка чейинки окуучуларды окутууда ортоктош болушат. Мисалы, жыйырма жетинчи чейректи он беш жашта аяктаган окуучу (27:3+6=15) жыйырма сегизинчи чейректи үчүнчү (бүтүрүүчү) баскыч мектебинде окушу керек болот. Себеби, ал он беш жашка т.а. балагат жашына жеткен болот. Башка бир окуучу ушул чейректерди он үч жашта аяктаса (27:4+6=13), экинчи баскыч (балагатка жетпегендер) мектебине коюлат. Окуучулардын эртерээк балагатка жетип калышы сыяктуу истисна абалдарына да баш ийилет.

### 7. Окуу сабактары жана баскычтары

Айтып өткөнүбүздөй, мектептеги таалим отуз алты чейрекке бөлүнүп, бул чейректер окуучулардын жашына карай үч негизги баскычка ажыратылат. Мындан максат, ушул иштерге тиешелүү

шаръий өкүмдөргө амал кылуу. Эми окуу сабактарына келе турган болсок, ар бир баскычтын өзүнө тиешелүү окуу сабактары болуп, алардын өзүнө тиешелүү бир чейректен кийинки чейрекке өткөрүү же өткөрбөө мыйзам-эрежелери да бар. Ар бир баскычтагы окуу сабактары эки бөлүккө бөлүнөт: 1. Негизги сабактар. 2. Түрдүү кесиптерде адистик тажрыйбага ээ кылуу сабактары б.а. «эмгек» сабактары.

Мектептин биринчи баскычы:

| Чейректер | Негизги сабактар | Кесиптик сабактар |
|---|---|---|
| 1-12 | Исламий сакафат, араб тили, математика ж.б. жалпы илимдер | Компьютер, акылды курчутуучу көнүгүүлөр, дене тарбия, сүрөт, катчылык ж.б. |

Биринчи мектеп баскычында мектептин биринчи чейрегинен баштап окуучулар менен эки мугалим алектенет. Алардын бири исламий сакафат жана араб тилинен сабак берсе, экинчиси математика жана башка илимдерден сабак берет. Эмгек сабактары менен, адистиктер боюнча өз ара бөлүшүп алып, экөөсү тең алектенет. Бул баскычта окуучулардын ошол мугалим менен катарынан кеминде үч чейрек калганы максатка ылайыгыраак.

Эмгек сабагында балага кабыл алуу жана пикирлөө жөндөмүн өркүндөтө турган бир нерсе жасоо же бир нерсени бөлүктөргө ажыратуу сыяктуу милдеттер тапшырылат. Бул милдеттер жана эксперименттердин чейректе белгиленген негизги сабактарга байланыштуу болушуна көңүл буруу керек.

Мектептин экинчи баскычы:

| Чейректер | Негизги сабактар | Кесиптик сабактар |
|---|---|---|
| 13-24 | Исламий тарыхты камтыган исламий сакафат, араб тили, математика илимдери, компьютер, жалпы илимдер | Сүрөт, айыл чарбачылык, өнөржай, дене тарбия, катчылык |

Бул баскычтагы жалпы илимдер: химия, биология, физика жана география негиздерин өз ичине алат.

Үчүнчү мектеп баскычы:

Бул баскыч 25-36-чейректерди өз ичине алат. Анда 25-30-чейректерде бардык окуучулар бирдей сабактардан билим алы-

шат. Кийинки 31-36-чейректерде болсо окуучулар кызыгууларына карай тармактарга бөлүнүшөт. Алар төмөндөгүлөр:

- Сакафат тармагы;
- Илимий тармак;
- Өнөржай же техника тармагы (компьютер, механика, электроника, коммуникация, ширетүүчүлүк, устачылык ж.б.у.с.);
- Айыл чарба тармагы;
- Соода тармагы;
- Үй турмуш-тиричилиги тармагы (кыздар үчүн).

Төмөндөгү таблицада ушул тармактарда окутула турган сабактар көрсөтүлгөн:

| | Чейрек | Негизги сабактар | Кесиптик сабактар |
|---|---|---|---|
| 1. | 25 – 30 Бардык окуучулар | Исламий сакафат, араб тили, математика, компьютер, химия, биология, физика, география | Катчылык, аскердик машыгуулар о.э. географиялык өзгөчөлүккө ылайыктап адистер белгилеген кесиптер |
| 2. | 31 – 36 Сакафатт армагы | Исламий сакафат, араб тили, компьютер, жалпы математика, жалпы илимдер | Пикирлөөнүн бардык түрлөрү, катчылык, аскердик машыгуулар, географиялык өзгөчөлүккө ылайыктап ушул тармак адистери белгилеген кесиптер |
| 3. | 31 – 36 Илим тармагы | Исламий сакафат, араб тили, компьютер, математика, химия, биология, физика, география | Пикирлөөнүн бардык түрлөрү, катчылык, аскердик машыгуулар, географиялык өзгөчөлүккө ылайыктап ушул тармак адистери белгилеген кесиптер, ар бир сабакка тиешелүү илимий изилдөө лабораториясы |
| 4. | 31 – 36 Өнөржай тармагы | Исламий сакафат, араб тили, компьютер, өнөржайга тиешелүү жалпы математика, өнөржайга тиешелүү жалпы илимдер, ушул тармак адистери белгилеген сабактар | Пикирлөөнүн бардык түрлөрү, катчылык, аскердик машыгуулар, географиялык өзгөчөлүккө ылайыктап ушул тармак адистери белгилеген кесиптер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | 31 – 36 Айыл чарба тармагы | Исламий сакафат, араб тили, компьютер, айыл чарбачылыкка тиешелүү жалпы математика, айыл чарбачылыкка тиешелүү жалпы илимдер, ушул тармак адистери белгилеген сабактар | Пикирлөөнүн бардык түрлөрү, катчылык, аскердик машыгуулар, географиялык өзгөчөлүккө ылайыктап ушул тармак адистери белгилеген кесиптер, практикада үйрөнүү үчүн эгин эгилген тажрыйба майдандары жана питомниктер |
| 6. | 31 – 36 Соода тармагы | Исламий сакафат, араб тили, компьютер, соодага тиешелүү жалпы математика, соодага тиешелүү жалпы илимдер, ушул тармак адистери белгилеген сабактар | Пикирлөөнүн бардык түрлөрү, катчылык, аскердик машыгуулар, географиялык өзгөчөлүккө ылайыктап ушул тармак адистери белгилеген кесиптер |
| 7. | 31 – 36 Үй турмуш-тиричилиги тармагы | Исламий сакафат (атайын), араб тили, компьютер, жалпы математика, жалпы илимдер, үй ичи иштери, бала багуу, ижтимаий турмуш, ушул тармак адистери белгилеген сабактар | Пикирлөөнүн бардык түрлөрү, катчылык, тигүүчүлүк, чачтарач, ашпозчулук, үй ичи, ушул тармак адистеринин үйдү кармáну жана бала багуу жаатында белгилеген машыгуулары |

Үчүнчү мектеп баскычынын сакафат тармагында окуучуга исламий сакафат жана араб тили сабактары кеңейтилип окутулат. Адистер фикх, тафсир, хадис илимдери, тарых жана башка исламий сакафатка тиешелүү сабактарды о.э. нахв, балагат, матн сыяктуу араб тилине тиешелүү атайын программаларды белгилеп беришет.

Илимий эмес тармактарда математика кыскартылган түрдө окутулат. Тармакка тиешелүү темалар менен чектелет. Мисалы, соода тармагындагы окуучуга жалпы эсептөө, зекет жана мурасты эсептөө, киреше жана чыгашаны эсептөө, бухгалтерия сыяктуу темалар окутулат. Өнөржай тармагындагы окуучуга черчение, долбоорлоо, аянтты өлчөө ж.б.у.с. сабактар окутулат.

Жалпы илимдер сабагында илимий эмес тармак окуучуларына адам организми, ооруулар, жалпы гигиена о.э. адамга тиешелүү жана анын жашоо шартына байланыштуу илимий темалар окутулат. Айыл чарба тармагында өсүмдүктөр, алардын ооруулары жана дарылоо ыкмалары, топурак, анын түрлөрү, жер-семирткичтер, зыяндуу курт-кумурскаларды жок кылуу ыкмалары сыяктуулар да кошуп окутулат.

Өнөржай тармагында окуучуга нерселер жана алардын тыгыздыгы, массасы сыяктуу касиеттери о.э. кыймыл жана механика мыйзамдары, коопсуздук техникасы эрежелери үйрөтүлөт.

Адистер ар бир баскыч жана ар бир тармак окуучуларына керектүү сабактарды белгилеп беришет.

## 8. Мамлекеттик мектептерде чейректен чейрекке өтүү жана өтө албастык

8-1. Биринчи (башталгыч) баскыч мектептеринде чейректен өтүү жана өтө албастык.

Бир чейректен экинчисине о.э. бир баскычтан кийинки баскычка өткөрүү же өткөрбөө мыйзамдары ар түрдүү. Мисалы, биринчи баскычта окуучу бардык негизги сабактарды өздөштүргөн болушу шарт. Демек, окуучу мына ушул баскычта бардык негизги сабактыктарды жакшы өздөштүрсө гана кийинки чейрекке көтөрүлөт. Бир эле негизги сабакты өздөштүрө албай калса да кийинки чейрекке өткөрүлбөстөн, ушул чейректи кайра окуйт. Мисалы, жакшы окууну үйрөнбөгөн, исламий сакафат сабагын жетишерлик деңгээлде өздөштүрө албаган, белгиленген эсептөө амалдарын аткара албаган окуучу кийинки чейрекке өткөрүлбөйт.

Чейректе калтырылган окуучу кийинки чейректе ошол өздөштүрө албаган мурунку чейректи кайра окуйт. Ал дем алууга уруксат алуу үчүн дагы катарынан үч чейрек окушу шарт. Биринчи (башталгыч) мектеп баскычы аяктаганга чейин ушундайча улантылат. Эгер окуучу он жашка жеткенде да экинчи (орто) баскыч мектебине өтө албаса, анын маселесин комиссия көрүп чыгат. Комиссия тыянагына карай, ал же экинчи баскычка өткөрүлөт, же акылы алсыздар мектебине жиберилет.

8-2. Экинчи (орто) баскыч мектептеринде чейректен чейрекке өткөрүү же өткөрбөө.

Бул баскычта эгер окуучу бир негизги сабакты өздөштүрө албай калса, кийинки чейрекке өткөрүлө берет. Бирок, ушул сабак анын мойнуна карыз болуп калат. Кийинки чейректин сынактарына кошуп тапшырат. Окуучуга калып кеткен сабагын өздөштүрүүсү үчүн жетиштүү убакыт берилет. О.э. мектеп аны колдоо үчүн кошумча сабактар берет.

Эгер окуучу эки негизги сабакты өздөштүрө албай калса, чейректе калтырылат. Мурунку чейректен бир карызы болсо, кийинкисинде дагы бир негизги сабакты өздөштүрө албай калса, анда келерки чейрекке өтө албайт. Мурунку карызын да, жаңы өздөштүрө албай калган сабагын да өздөштүрүп алгандан кийин гана кийинки чейрекке өткөрүлөт.

Экинчи баскыч чейректеринын биринде калып кеткен окуучунун да катарынан үч чейрек окубай туруп эс алууга акысы жок. Экинчи баскыч мектеби аяктаганына чейин ушундайча улантыла берет. Эгер окуучу он беш жашка толгондо да үчүнчү (бүтүрүүчү) баскычка өтө албаса, анын ишин комиссия көрүп чыгат. Комиссия тыянагына карай, ал же кийинки баскычка өткөрүлөт, же кесиптик-техникалык окуу жайларына жиберилет.

8-3. Үчүнчү баскыч мектептеринде чейректен чейрекке өтүү же өтө албоо.

Окуучу бир негизги сабакта өздөштүрө албай калса, кийинки чейрекке өткөрүлө берет, бирок, ушул сабак анын мойнунда карыз болуп калат. Кийинки чейректеги имтихонларга кошуп тапшырат.

Эгер окуучу эки негизги сабакты өздөштүрө албай калса, же мойнундагы бир карызы болуп туруп, дагы бир негизги сабактан аргта калып кетсе, чейректе калтырылат. Калып кеткен сабагын да, мурунку карызын да тапшыргандан кийин гана кийинки чейрекке өткөрүлөт.

Үчүнчү баскыч чейректеринын биринде калып кеткен окуучу дагы үч чейрек окубай туруп эс алуу укугуна ээ болбойт. Үчүнчү баскыч мектеби аяктаганга чейин ушундайча улантыла берет. Эгер окуучу жыйырма жашка киргенде да үчүнчү баскычты т.а. 36 чейректи аяктай албаса, ага мектепте калууга уруксат берилбейт. Мектептен сырткарыда мектеп баскычтарынын жалпы сынагын тапшырышы мүмкүн. Жалпы сынаксыз эле кабыл ала бере турган окуу жайларына кирсе да болот.

## 9. Мектеп баскычтарынын жалпы сынагы

Мектеп баскычтары бүткөндөн кийин т.а. окуучу 36 чейректи ийгиликтүү аяктагандан кийин, «мектеп баскычтарынын жалпы сынагына» коюлат. Окуучу жалпы сынакка коюлбашы да мүмкүн. Себеби, ушул сынаксыз деле кабыл ала бере турган өнөржай жана кесиптик-техникалык окуу жайлары болот.

- «Жалпы сынак» жылына эки жолу болуп өтөт: биринчиси – жумадул-аввал, экинчиси – шаввал айларында. Адистер сынак күнүн жана жадыбалын белгилешет. Окуучу кааласа жумадул-аввал айындагы, кааласа шаввал айындагы сынакка жазылуу укугуна ээ.
- Үчүнчү мектеп баскычтарында сакафат тармагы үчүн да, илим тармагы үчүн да, өнөржай тармагы үчүн да, айтор, ар бир тармак үчүн өзүнчө сынак белгиленип, ар биринин өз жадыбалы болот.
- Сынак окуучунун үч мектеп баскычында өздөштүргөн билимдеринен алынат, бирок негизги этибар акыркы алты окуу чейректеринде (31-36) алган билимдерине каратылат.

## 10. Окуу сааттары жана окуу сабактары

Бир күндүк окуу бир нече окуу сааттарынан түзүлөт. Ар бир окуу сааты кырк мүнөт. Ар эки окуу саатынын ортосунда беш мүнөттүк дем алуу болот. Окуу сааттарынын күн тартиби төмөндөгүчө:

1. Биринчи жана экинчи окуу сааттары о.э. алардын арасындагы беш мүнөттүк эс алуу;
2. Он беш мүнөттүк дем алуу;
3. Үчүнчү жана төртүнчү окуу сааттары о.э. алардын арасындагы беш мүнөттүк эс алуу;
4. Отуз мүнөттүк дем алуу;
5. Бешинчи жана алтынчы окуу сааттары.

Адистер белгиленген окуу бөлүмдөрүн апталык окуу сааттарына бөлүштүрүп беришет. Ар бир чейрекке бул бөлүмдөрдү берип баруу үчүн жетиштүү деңгээлде убакыт ажыратылат.

## 11. Мектеп таквими

Халифалык мамлекетинде убакыт санагы хижрий жыл боюнча алып барылат. Хижрий бир жыл 354 күндөн турат. Андан үч күнү ийд аль-Фитр (Орозо айт), жети күн болсо ийд аль-Адха (Курбан

айт) майрам күндөрүнө алып ташталып, калган 344 күн төмөндөгү жадыбалда көсөтүлгөнүндөй, төрт мектеп чейректерине бөлүштүрүлөт.

| Чейрек | Башталышы | Аякташы |
|---|---|---|
| 1 | 1-мухаррам | 25-рабиул-аввал |
| Дем алыш | 25-26-27-рабиул-аввал | |
| 2 | 28-рабиул-аввал | 22-жумадус-саний |
| Дем алыш | 22-23-24-жумадус-саний | |
| 3 | 25-жумадус-саний | 20-рамазан |
| Дем алыш | 20-21-22-рамазан | |
| 4 | 23-рамазан | 27-зулхижжа |
| Дем алыш | Орозо айты үчүн 1-3-шаввал, Курбан айты үчүн 8-15-зулхижжа | |

Биринчи мектеп чейреги ар жылы мухаррам айы кириши менен башталат жана 83 күнгө созулат. Ушул доордогу жума күндөрү да, чейректи аяктоочу сынак убакыттары да ушунун ичинде. 83 күн өткөндөн кийин, 3 күн дем алып, кийинки чейрек башталат. Жылдын төртүнчү чейреги рамазан айын о.э. Орозо жана Курбан айт сыяктуу ыйык күндөрдү өз ичине алгандыгы менен башкалардан өзгөчөлөнүп турат. Айрым окуучулар же мугалимдер ажылык же умраны өтөө, же болбосо, башка бир сапар үчүн бүткүл чейректе дем алууга уруксат алуулары мүмкүн. Айрымдар ыйык Курбан айтында жети күндүк дем алыш убагында хаж фарзын өтөп алуулары да мүмкүн болот.

## 12. Кесиптик-техникалык окуу жайлары

Бул окуу жайларынын милдети – жыгач устачылык, темир устачылык, тигүүчүлүк, ашпоздук жана башка терең илим талап кылбай турган кесиптер боюнча өнөрлүү адистерди даярдоо. Кандайдыр бир себепке карай мектептеги таалимди улантууга кызыкпаган окуучу жыйырма төртүнчү чейректи аяктагандан кийин ушул кесиптердин бирин үйрөнүү үчүн мына ушул окуу жайларга кириши мүмкүн.

Адистер ар бир тармактагы окуу мөөнөтүн, окутулушу керек болгон сабактарды, чебер кесип ээси болуу үчүн зарыл болгон тажрыйба ашыруу иштерин белгилеп беришет. Бул окуу жайларын аяктаган окуучуга жыгач уста, темир уста, тигүүчү же башка «кесиптик күбөлүк» берилет.

# ЖОГОРКУ ТААЛИМ

Мектеп таалиминен кийинки ар бир системалуу таалим жогорку таалим эсептелет.

## 1. Жогорку таалимден көздөлгөн максаттар

1. Мектеп баскычында калыптанган окуучулардагы исламий шахсиятты дагы да толукташтырууга этибар берүү. Муну менен алар үммөт тагдырын чечүүчү проблемаларды чече ала турган жетекчиге айланат. Ислам бул проблемаларды мусулмандар мойнуна өлүм-өмүр маселеси кылып жүктөгөн. Ислам турмушта башкаруу түзүмү катары колдонулбай жаткан убактарда мусулмандардын тагдырын чече турган башкы проблема – Халифалык мамлекетин тикелеп, Алла түшүргөн өкүмдөр менен башкаруу болот. Халифалык мамлекети мавжуд болгон доордо болсо, бул проблема мамлекетти коргоо, Исламды тирүү сактап калуу үчүн аны үммөткө колдонуу, дүйнөгө даъватты алып чыгуу, үммөт жана мамлекет бүтүндүгүнө коооп салуучу күчтөрдү жоготуудан турат. Башкы проблемалар дайыма үммөттүн көңүл борборунда турушу үчүн кесиптик багыттары кандай болушуна карабастан, бардык жогорку таалим студенттерине исламий сакафаттан сабак берүүнү токтотпош керек. Ушуну менен бирге, фикх, усул, хадис, тафсир сыяктуу исламий сакафат сабагынын бөлүмдөрүн терең үйрөтүп, мүмкүн болушунча көбүрөөк аалымдар, мужтахиддер, колбашчылар, мутафаккирлер, казылар, факихтер ж.б. жетиштирип чыгаруу керек. Муну менен Ислам Үммөткө колдонулуп, душмандардан корголуп, жихад аркылуу бүткүл адамзатка көтөрүп чыгылып, бир сөз менен айтканда жанданып турсун. Пайгамбар ﷺ айтат: **«Эки топ адамдар бар, алар оңдолушса, адамдар оңдолушат, алар бузулушса адамдар да бузулушат. Алар: аалымдар жана амирлер».** Бул хадисти Абу Наим «ал-Хиля» китебинде риваят кылган. Пайгамбар ﷺ дагы: **«Менден жамандык жөнүндө сурабагыла, менден жакшылык жөнүндө сурагыла»,** - деп үч жолу кайталады. Кийин: **«Жамандардын жаманы – жаман аалымдар, жакшылардын жакшысы – жакшы аалымдар»,** - деди. Бул хадисти Дарамий «ал-Мукаддима»

китебинде риваят кылган. Ошондой болгон соң, жакшы аалымдарды жетиштирип чыгарууга өзгөчө көңүл буруу керек.

2. Үммөттүн зарыл турмуштук кызыкчылыктарына кызмат кыла ала турган, жакынды жана алысты (стратегияны) көздөп пландар түзө ала турган кадрларды жетиштирип чыгаруу. Үммөттү коргоого кудуреттүү болгон, анын кызыкчылыктарын коргой ала турган, Исламды жаюу үчүн капырлар менен күрөшүүгө кудурети жете турган күчтүү кошуун о.э. суу, азык-түлүк, турак жай, коопсуздук, ден-соолук сыяктуу зарыл болгон муктаждыктарды кандыруучу факторлор – булар зарыл турмуштук кызыкчылыктар болуп саналат. Үммөт кайсы бир кызыкчылык себептүү капыр мамлекеттин таасирине түшүп калбастан, өзүн-өзү башкара алышы үчүн, айыл чарбачылык, суу чарбачылык, коопсуздук жана башка турмуштук кызыкчылыктар тармактарында эң заманбап услуб жана каражаттарды жарата ала турган таланттуу изилдөөчүлөрдү жетиштирип чыгаруу – бул жогорку таалимдин милдети. Алла Таала айтат:

﴿ وَلَن يَجۡعَلَ ٱللَّهُ لِلۡكَٰفِرِينَ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ سَبِيلًا ﴾

*– «Алла эч качан капырлар үчүн момундар үстүнөн жол бербейт».* [4:141]

Үммөттүн турмуштук кызыкчылыктарын коргоо тууралуу колдонмолор жаза ала турган, сунуштар киргизе ала турган о.э. узакты көздөөчү стратегиялык пландар түзө ала турган таланттуу саясатчы кадрларды жетиштирип чыгаруу да жогорку таалимдин милдети.

3. Казылар, факихтер, табибдер, инженерлер, мугалимдер, котормочулар, башкаруучулар, эсепчилер сыяктуу үммөттүн жумуштарын аткара турган  кадрлар даярдоо. Мамлекет мамилелерде жана жаза чараларды колдонууда Ислам өкүмдөрүн толук колдонууга канчалык милдеттүү болсо, жолдор, ооруканалар жана мектептер сыяктуу үммөт муктаждыктарын кандырууга да ошончолук милдеттүү. Бул кесиптерди үйрөнүү үммөткө фарзи кифая. Аларды шаръий түрдө ишке ашыра турган шарттарды жүзөгө келтирүү мамлекеттин милдети.

## 2. Жогорку таалимдин түрлөрү

Жогорку таалим негизинен эки түргө бөлүнөт:

1. Маалымат алуу таалими (мында изилдөө алып барууга караганда маалыматттар топтоо көбүрөөк болот): Бул таалим университеттер факультеттеринде программалар, лекциялар, окуу жадыбалдары менен тартипке салынган таалим. Бул таалимди аяктаган студент – техникалык билим алабы же функционалдык билим алабы, айырмасыз – кааласа диплом алат, кааласа белгилүү бир тармактын бакалавр наамын алат.

2. Изилдөө алып баруу таалими: Бул таалим маалымат топтоо таалиминен кийинки таалим. Анда маалымат топтоодон көрө изилдөө иштери көбүрөөк болот. Окуучу илимий изденүү чеберчилигин үйрөнөт. Сакафат же илимдердин белгилүү бир тармагына адистешет. Анык изилдөөлөр алып барып, жаңы изилдөө же жаңы ойлоп табууга жетишет. Мындай таалимди аяктаган окуучу магистрлик күбөлүгүнө ээ болот. Андан кийин дагы сакафат же илимдердин белгилүү бир тармагы боюнча изилдөө алып барып, докторлук күбөлүгүн алышы да мүмкүн.

## 3. Жогорку таалим мекемелери

Мамлекет жогорку таалимден көздөлгөн максаттарды ишке ашыруу үчүн мекемелерди ачат. Алар төмөндөгүлөр:

1. Техникалык институттар;
2. Функционалдык институттар;
3. Университеттер;
4. Илимий изилдөө борборлору;
5. Аскердик окуу жайлары.

3-1. Техникалык институттар.

Бул окуу жайлары телефон жана компьютер сыяктуу электрондук аппараттарды оңдой турган жөнөкөй кесиптерге караганда көбүрөөк билимди талап кыла турган, заманбап техникага адистешкен чебер кадрларды даярдайт. Ага кирүү үчүн окуучу үчүнчү мектеп баскчын т.а. 36 чейректи аяктаган болушу шарт. Жалпы сынактан өткөн болушу шарт эмес. Адистер андагы ар бир кесип боюнча окуу мөөнөтүн, мектеп чейректерин о.э. үчүнчү мектеп баскычында өнөржай тармагын аяктаган окуучунун кайсыл илимдерден бошотулушун белгилеп

беришет. Аны бүтүрүп чыккан студент өзү окуган тармак боюнча дипломго ээ болот.

Айыл чарбачылык окуу жайлары да ушулардын катарына кирет. Алар айыл чарбачылык тармагын мамлекеттеги таалим тармагы менен ылайыкташтырып алып барат. О.э. университет билими шарт болбогон айыл чарбачылыкка тиешелүү иштерге адистешип, үрөнчүлүк, багбанчылык, кыйыштыруу, агрономия, сугат, мал чарбачылыгы жана канаттуулар чарбачылыгы о.э. алардан продукция өнүдүрүү сыяктуу айыл чарбага тиешелүү иштерди аткара турган кадрларды даярдайт. Үчүнчү мектеп баскычында айыл чарба тармагын аяктаган окуучуну кайсыл илимдерден азат кылууну адистер белгилеп беришет.

3-2. Функционалдык институттар.

Бул окуу жайлары университетти бүтүрбөстөн эле аткаруу мүмкүн болгон милдеттерди өтөөгө жарактуу болгон адистерди даярдайт. Аларга кирүү үчүн эң кеминде мектеп баскычтарынын жалпы сынагын тапшыруу шарт. Ар бир тармакка кабыл алуу шарттарын да, окутула турган сабактарды да, окуу мөөнөтүн да адистер белгилеп беришет. Мындай окуу жайларын бүтүрүп чыккан студент өзү окуган тармак боюнча дипломго ээ болот.

Мед.эже, мед.ага, санитар, рентгенолог, лаборант, тиш техник сыяктуу кадрларды жетиштирип чыгаруучу окуу жайлары, университет билимине муктаж болбой турган бухгалтерия, финансы иштери, зекет эсептери сыяктуу чакан компанияларды башкаруу үчүн керек боло турган жөнөкөй финансылык жана идарий башкаруу тармактарындагы кадрларды даярдай турган окуу жайлары ушуларга кирет.

Ар түрдүү мектеп баскычтарында иштөөчү жогорку квалификациялуу мугалимдерди даярдоочу институттар да жогорку окуу жайларынын ушул түрүнө кирет. О.э. бул институт университетти бүтүрүп мугалимдик кылмакчы болгондор үчүн да атайын чейректерди даярдап берет.

Мындай окуу жайлары мамлекеттин бардык региондорунда кең таркалып, алардын муктаждыктарына карай ар түрдүү болот. Мисалы, деңиз жээгинде жайгашкан шаарчаларда балыкчылык, кемекуруучулук, портторду башкаруу сыяктуу тармак адистерин даярдоочу окуу жайлары ачылса, айыл

чарбачылыгы менен таанымал болгон жайларда чарбачылыкка тиешелүү окуу жайлары ачылат.

3-3. Университеттер.

«Мектеп баскычтарынын жалпы сынагынан» өткөн окуучу мамлекеттик университеттерге кирүү укугуна ээ. Университеттер сынактан ийгиликтүү өткөн окуучуларды жылына эки жолу кабыл алат. Маалым бир кесиптик багытта кабыл алууда төмөндөгү иштерге негизделет:

1. Окуучунун «мектеп баскычтарынын жалпы сынагында» алган бааларынын орточо эсеби;
2. Окуучунун үчүнчү мектеп баскычында адистешкен тармагы (же сакафат, же илим, же соода тармагы…);
3. Окуучунун жалпы сынакта өзү тандап жаткан тармакка тиешелүү сабактардан алган баасы. Мисалы, фикх жана шаръий билимдер факультетинин студенти исламий сакафат жана араб тили сабактарынан жогору баалар алган болушу керек. Инженерлик тармагын тандаган окуучу математика, физика сабактарынан, медицина факультетин тандаган окуучу болсо биология жана химия сабактарынан эң жакшы деген бааларды алган болушу керек. Университеттеги ар бир кесипке тиешелүү сабактарды, алардан алынган орточо бааны адистер белгилеп беришет.

Университет төмөндөгү факультеттерди өз ичине алат.

- Исламий сакафат факультети. Анда окула турган илимдер: Тафсир, фикх, ижтихад, казылык жана шаръий билимдер;
- Араб тили факультети;
- Инженерликке тиешелүү илимдер факультети. Курулуш инженерлиги, инженер-механик, инженер-энергетик, инженер-конструктор ж.б.
- Компьютер билимдери факультети. Автоматташтырылган башкаруу, инженер-программист, веб-дизайнер ж.б.
- Так илимдер факультети. Математика, химия, физика, компьютер, астрономия, география, геология ж.б.
- Медицина илимдери факультети. Медицина, диагностика, стоматолог, фармацевтика;
- Айыл чарба илимдери факультети. Өсүмдүктөргө тиешелүү илимдер, жаныбарга тиешелүү илимдер, канаттууларды багуу,

азык-түлүктөрдү сактоо, өсүмдүк жана жаныбарларга тиешелүү ооруулар;

- Финансылык жана идарий башкаруу факультети. Бухгалтерия, экономика, соода. Муктаждыкка карай дагы башка илимдер киргизилиши мүмкүн.

3-4. Илимий изилдөө борборлору.

Бул борборлор ар түрдүү сакафатка жана илимге тиешелүү темаларда анык изилдөөлөр алып баруу менен алектенет. Мисалы, сакафат тармагында даъватты элчиканалар жана сүйлөшүүлөр аркылуу жаюуда узакты көздөөчү стратегиялык пландар түзүү жана услубдар колдонуу жаатында, же фикх, ижтихад, тилтаануу жаатында изденүүлөр алып барып, тереӊ пикирлөөгө жетишилет. Илимге тиешелүү өнөржай, ядролук окуу, космонавтика илимдери ж.б.у.с. тереӊ изилдөөнү талап кылуучу тармактарда жаӊыча ыкма жана каражаттарды ойлоп табуу көздөлөт.

Бул борборлор университеттер алдында болушу да, түздөн-түз таалим кеӊсесине караштуу болушу да мүмкүн. Аларда аалымдар, университет мугалимдери о.э университеттеги окуу учурунда ойлоп табуучулук, изилдөөчүлүк, жаӊылык жаратуучулук жөндөмүн көрсөтө алган айрым окуучулар иш алып барышат.

3-5. Аскердик окуу жайлары жана изилдөө борборлору.

Алардын милдети Алланын жана мусулмандардын душмандарынын жүрөгүнө коркунуч салуу үчүн аскерий колбашчыларды жетиштирип чыгаруу о.э. аскердик услуб жана каситаларды өркүндөтүү. Бул окуу жайлары жана изилдөө борборлоруна жихад амири башчылык кылат.

## 4. Жогорку таалим күбөлүктөрү

1. Жогорку таалимдин кесиптик-техникалык институттарынан бирин аяктаган окуучуга өзү окуган тармак боюнча «биринчи күбөлүк» аттуу диплом берилет. Мисалы, «байланыш тармагы боюнча биринчи күбөлүк» ж.бу.с.
2. Жогорку таалимдин функционалдык институттарынан бирин аяктаган окуучуга өзү окуган тармак боюнча «биринчи күбөлүк» аттуу диплом берилет. Мисалы, «фельдшерлик тармагы боюнча биринчи күбөлүк» ж.б.у.с.

3. Жогорку таалимге караштуу университет факультеттеринен биринде маалымат топтоо тармагын аяктаган окуучуга «экинчи күбөлүк» аттуу диплом берилет. Бул азыркы бакалаврлыкка туура келет;
4. Изилдөө алып баруу таалиминин биринчи баскычын аяктаган окуучуга «биринчи аалымдык күбөлүгү» аттуу диплом берилет. Бул азыркы магистрликке туура келет;
5. Изилдөө алып баруу таалиминин экинчи баскычын аяктаган студентке «Экинчи  аалымдык күбөлүгү» деп аталган диплом берилет, ал азыркы докторлукка туура келет.

# ТИРКЕМЕ

Төмөнкү жадыбалда мектеп чейректери окуучулардын жаштарына карай ажыратылган. Анда эки чегара белгиленип, көпчүлүк окуучулар алардын арасына түшөт. Биринчисинде 36 чейректи эч кандай эс алуусуз жана чейректе көчпөй калбастан, эң аз мөөнөттө т.а. 9 жылда аяктаган окуучу көрсөтүлгөн (жадыбалда кара төрт бурчтуктар менен белгиленген). Экинчисинде ар жылы эс алып, бирок чейректе көчпөй калбастан 36 чейректи 12 жылда аяктаган окуучу көрсөтүлгөн (жадыбалда көгүш төрт бурчтуктар менен белгиленген). Бул эки чегара ортосуна көпчүлүк окуучулар түшүшөт (алар жадыбалда сызыктуу боз төрт бурчтуктар менен белгиленген).

Оруу, чейректерден калып кетүү ж.б. себептер айынан 12-жылы да мектеп баскычын аяктай албаган окуучуларга 20 жашка чейин мектепте окууга уруксат берилет. Мындай абал (17-20 жаштар) жадыбалдын акырында көрсөтүлүп турат.

## Мектеп чейректерин окуучулардын жаш курагына карай бөлүштүрүү жадыбалы

| | Биринчи мектеп баскычы (башталгыч) | | | | | | | | | | | | | | | | Экинчи мектеп | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ж | 6-7 | | | | 7-8 | | | | 8-9 | | | | 9-10 | | | | 10-11 | | | | 11-12 | | | |
| Ч | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | # | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6 | | | | | | | | # | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9 | | | | | | | | | | | | # | | | | | | | | | | | | |
| 10 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 12 | | | | | | | | | | | | | | | | # | | | | | | | | |
| 13 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 14 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 15 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | # | | | | |
| 16 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 17 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 18 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | # |
| 19 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 20 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 21 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 22 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 23 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 24 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 25 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 26 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 27 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 28 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 29 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 30 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 31 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 32 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 33 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 34 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 35 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 36 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**Таблицадагы шартуу кыскармалар:**

Ж - жашы
С - чейрек
@ - мектепти аяктап жаткан оркуучунун жашы

үзгүлтүксүз окуу

жылына бир чейрек эс алуу

# эс алуу чейреги

башка эс алуулар менен окуу

| баскычы (орто) | | | | | | | | | | | | Үчүнчү бмектеп бачкысы (бүтүрүүчү) | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 12-13 | | | | 13-14 | | | | 14-15 | | | | 15-16 | | | | 16-17 | | | | 17-20 | | | | Ё |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | П |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 1 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 2 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 3 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 4 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 5 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 6 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 7 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 8 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 9 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 10 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 11 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 12 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 13 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 14 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 15 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 16 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 17 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 18 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 19 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 20 |
| | | | # | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 21 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 22 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 23 |
| | | | | | | | # | | | | | | | | | | | | | | | | | 24 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 25 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 26 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 27 |
| | | | | | | | | | | | | # | | | | | | | | | | | | 28 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 29 |
| | | | | | | | | | | | | | | | # | | | | | | | | | 30 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 31 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 32 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | # | | | | | 33 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 34 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 35 |
| | | | | | | | | | | | @ | @ | @ | @ | @ | @ | @ | @ | @ | @ | @ | @ | @ | 36 |